65.9(2Ки)кыр1
А43

А. Т. Актанова    Г. С. Гужин

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ШААРЛАРЫ

Книга должна быть возвращена не позже указанного здесь срока

Количество предыдущих выдач ____________

65.9(2Ки) кыр
А43

А. Т. АКТАНОВА, Г. С. ГУЖИН

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ШААРЛАРЫ

ОШСКАЯ
областная
БИБЛИОТЕКА
Инв. № 304120

ФРУНЗЕ
"МЕКТЕП"
1981

АБОНЕМЕНТ

85. 118
А 43

Которгон *Советбек Молдосанов*

**Актанова А. Т., Гужин Г. С.**

А 43 Кыргызстан шаарлары/Котор. С. Молдосанов — Ф.: Мектеп, 1981.— 48 бет.

Китепчеде Кыргызстандын шаарларынын пайда болуп өнүгүү процесси, алардын эл чарбасындагы алган орду жана келечеги жөнүндө баяндалат.

Китепче география мугалимдерине, мектеп окуучуларына, студенттерге арналган.

А $\frac{30203-162}{М\ 452\ (17)-81}$ 152. 81. 4902030000 72

ББК 85. 118

© «Мектеп» басмасы 1981.

## РЕСПУБЛИКАНЫН ШААРЛАРЫНЫН ӨТКӨНДӨГҮ ТАРЫХЫНАН

Шаардын пайда болушу жана өнүгүшү үчүн эң эле бери дегенде төмөнкүдөй эки шарттын болушу зарыл:

а) белгилүү ресурстуу аймактын болушу;

б) ошол аймактын же бүтүндөй өлкөнүн калкы менен чарбачылыгынын керектөөлөрүн тейлөөчү ишканаларга, уюмдарга, мекемелерге болгон муктаждыктын келип чыгышы. Башкача айтканда, материалдык өндүрүш продукцияларынын же тейлөөчүлөрдүн тигил же бул түрлөрүнө жакынкы аймактын же бүтүндөй өлкөнүн керектөөлөрүн канааттандыруу муктаждыгынан улам шаар өсүп чыгат.

Мына ушуга байланыштуу шаардын өсүшү, анын керектөөлөрдү канааттандыруучу жана кызмат көрсөтүүчү борбор катарында өнүгүшү ошол аймактын өзүнүн жана шаардын өнүгүшү үчүн ресурстар менен канчалык камсыз болоруна, өнүгүүнүн динамикалуулугуна, эмгектин республикалык, бүткүл союздук бөлүштүрүлүш системасында, анын кандай милдеттерди аткарарына, шаардын ошол аймак менен, бүтүндөй өлкө менен байланышынын (экономикалык, өндүрүштүк, маданий-тиричилик) бекемдигине жараша болот.

Аймактын ресурстук потенциалы шаар чарбасынын структурасынын калыптанышын камсыз кылса, анын байланыштары шаардын эмгектин ич ара жана райондор аралык бөлүштүрүлүшүндөгү ролу менен ээлеген ордун аныктайт. Мына ошондуктан Кыргызстандын шаарларынын өткөндөгү өнүгүшү, алардын тармактарынын калыптанышы жөнүндө сөз кылуудан мурда алардын пайда болушунун жана өнүгүшүнүн өбөлгөлөрү тууралу бир аз болсо да айта кетүү керек.

Кыргызстан тоолуу республика. Анын жаратылыш шарттары, табигый ресурстарынын структурасы кыйла даражада мына ушуну менен аныкталат. Кыргызстан аймагынын 90% жакыны тоо кыркаларынан туруп, 10—12% гана тоо этектериндеги түз-

дүктөр жана тоо курчаган өрөөндөр менен ойдундар ээлеп жатат. Тоолорунун өтө бийиктиги, рельефинин татаалдыгы, айрым райондордун чарбалык өздөштүрүлүш даражасына жана мүнөзүнө, калктын жайгашуусуна, анын отурукташуу системасынын калыптанышынын бөтөнчөлүктөрүнө түздөн түз да, кыйыр да таасир эткен.

Айыл чарбасы үчүн пайдаланууга жараксыз жерлери республиканын бардык аянтынын жарымына (42%) жакынын, токойлор жана бадалдар болжол менен 5,4, айдоо жерлери — 6,2%, калган бөлүгүн жайыттар жана майда чабындылар түзөт.

Жаан-чачындын аз жаашы, жыл мезгилдеринде анын бир кылка түшпөөсү (анын көбү кыш-жаз мезгилине туура келет), жылдык суммаларынын өйдө-ылдыйлыгы сугатсыз айыл чарба өндүрүшүн жүргүзүү мүмкүнчүлүктөрүн чектейт, бул жагдай бийиктиктин өтө ар түрдүүлүгү жана рельефинин тоолуулугуна жараша температуралык режимдин да ар түрдүү болушу менен татаалдайт. Тез-тез үшүк жүрүүлөр, сезондук жана суткалык температуранын өйдө-төмөн түшүүсүндөгү чоң айырмачылык, жазында, ал түгүл жайдын башында да күндүн капысынан суук тартып кетиши, кыштын башында же ортосунда кайрадан күндүн жылышы республиканын дээрлик бардык аймагы үчүн (бийик тоолуу өрөөндөрдү кошпогондо) мүнөздүү көрүнүш болуп саналат. Мисалы, Чүй өрөөнүндө 29-майда, Ысык-Көл ойдуңунда 12-июнда кар жааганы катталган. Суусамыр өрөөнүндө жайдын кайсы учурунда болсо да үшүк жүрүшү мүмкүн. Мына ошентип түштүк тараптан орун алганына карабастан Кыргызстандын климаттык шарттары кескин континенттүүлүгү менен айырмаланат.

Рельефинин жана топурак-климаттык шарттарынын бөтөнчөлүктөрү айыл чарба өндүрүшүнүн структурасы менен көлөмүнө гана эмес, ошондой эле транспорт тармактарын, шаар чарбасын эксплуатациялоо боюнча каражат сарптоолорго, турак үйлөрдүн жана коомдук имараттардын архитектурасына, турак-жай, ишканаларды жылытуу сезонунун узактыгына жана бүтүндөй бир катар башка көрсөткүчтөргө да таасир этет.

Кыргызстанда бир кыйла суу ресурстары бар. Анын тоолуу райондору ным топтоочу, күкүктөп аккан дарыялар башталчу, жер астындагы суулар чогулуучу жерлер болуп саналат. Алсак, анын гидроэнергетикалык ресурстары гана 12 миллион киловаттан ашып кетет, ал эми жер астындагы суулардын жалпы запасы секундасына 100 $м^3$ сек. жакын сууну түзөт. Дарыялар жана артезиан суулары республиканын ушул кезде пайдаланылып, баалуу техникалык жана азык-түлүк өсүмдүктөрү, мөмө-жемиш бактары жана жүзүмдүктөр өстүрүлүп жаткан айдоо аянттарынын 70% жакынын сугарууга мүмкүнчүлүк берет. Көлдөрү маанилүү рекреациялык ресурс, балык байлыктарынын булагы, парус спорту менен суу транспортун өнүктүрүүнүн борбору болуп саналат. Мына ушулардын бардыгы республиканын аймагында жаңы шаарлардын пайда болушуна, эски шаарлардын өнүгүшүнө кыйла даражада көмөк берип келген жана мындан ары да көмөк бермекчи.

Кыргызстан өсүмдүктөрүнүн түрдүк составы 3600 түрдөн турат жана алар чарбалык иштерде эзелтеден эле кеңири пайдаланылып келген. Алар бул маанисин ушул кезде да сактап турат.

Республикадагы токой аянттары чектелүү. Ал Кыргызстан аймагынын 3,5% гана барабар. Бирок алардын мааниси бул жупуну сандын чегинен алда канча ашып кетет. Климаты кургакчыл шарттарда алар суу сактоочулук, кыртыш эрозиясына каршы туруучулук роль ойноп, кандайдыр бир даражада ишке жарактуу жыгач алуунун булагы да болуп саналат, отун, мөмө (грек жаңгагы, алча, жапайы алма) берет.

Токойлорду эксплуатациялоо шаардык жаңы жайлардын пайда болушуна себеп болбосо да шаардыктардын турмуш-тиричилигинде алардын мааниси өтө чоң. Анткени барып-келип турууга жакын жерлердеги токойлор дем алыш күндөрүндө көпчүлүк үчүн эс алуу зонасы, отпуска учурунда ден соолук чыңдоого ыңгайлуу жай болуп саналат.

Республиканын минерал-сырье ресурстары ар түрдүү (күрөң жана таш көмүр, нефть, газ, түстүү жана сейрек учуроочу металлдардын кендери, курулуш материалдары, цемент сырьесу). Алар алда качантан эле иштетилип, республиканын шаардык жайларынын көпчүлүгү үчүн (Кызыл-Кыя, Көк-Жаңгак, Таш-Көмүр, Сүлүктү, Кочкор-Ата, Чаувай ж. б.) шаар пайда кылуучу база болуп келе жатат. Кен байлыктарды, отун энергетикалык ресурстарды келечекте да эксплуатациялай берүү жаңы шаардык жайлардын пайда болушуна, эскилеринин өнүгүшүнө база болуп кызмат кылат деп ырастоого толук негиз берет.

## КЫРГЫЗСТАНДА ЧАРБАНЫН ЖАНА ШААРДЫК ЖАЙЛАРДЫН КАЛЫПТАНЫШЫ

«Коомдун тарыхы ошол эле убакта адамдардын жайгашуу тарыхы, алардын калктуу пункттарды түзүү тарыхы да болуп саналат» (Ковалев С. Л. 1960, 111-б.). Ошол эле убакта өткөндөгү окуялар менен ушул кездеги калктуу пункттардын жайгашуусунун, алардын тармакташыш жыштыгынын, сырткы көрүнүшүнүн, айрым элдердин жана этностук топтордун жайгашуу-

сунун ортосундагыдай байланыштардын жакындыгы башка эч жерден байкалбайт (Баранский И. Н. 1960).

Жалпы эле республиканын аймагында, асыресе шаардык турак жай жерлерде калктын байыр алуусуна революцияга чейинки бүткүл тарыхый мезгилде ээлтеден жамаатташ жашап келишкен көчмөн жана отурукташкан элдердин ортосундагы өз ара мамилелер таасир этип келген. Көчмөндөрдүн узак убакыт бою үстөмдүк кылуусу кыргыз элинин турмушунда шаарлар менен отурукташкан айыл-кыштактын ээлеген ордунан, экономикалык өнүгүү жагынан тоолуу райондордун тоо этектериндеги жерлерге караганда олуттуу артта калуусунан көрүнгөн.

Эгерде дыйканчылык тоо этектериндеги райондордо биздин заманга чейинки үчүнчү миң жылдыкта эле пайда болсо, тоолуу райондордо жер-жемиштерди жөнөкөй чогултуучулуктан жана аңчылык кылуудан мал багууга, жөнөкөй таш куралдарынан темир куралдарын колдонууга өтүү биздин замандын башында гана башталган.

Түндүк Тянь-Шань узак убакыт бою Борбордук Азиянын, Түштүк Сибирдин жана Чыгыш Түркстандын көчмөн элдеринин таасиринде болуп, көчмөн элдер ордолорунун жортуулдарынын, журт которуу жолдорунун боюнда турган жана табигый шарттары көчмөн мал чарбачылыкка ыңгайлуу болгондуктан, ал Улуу Октябрь революциясына чейин бул аймакты чарбачылык жактан пайдалануунун басымдуулук кылган түрү болуп келген. Ушундан улам дыйканчылык өзүнүн техникалык прогресске жетишүүсүн камсыз кылбаган шарттарда калып (Тянь-Шань өрөөнүнө отурукташкан элдердин кирип келген айрым учурларын, мисалы, согдилердин биздин замандын IV—VIII кылымдарында келип отурук алышын эске албаганда), жардамчы мүнөздө кала берген. Мына ошондуктан дыйканчылыктын мааниси, анын өнүгүү деңгээли көптөгөн кылымдар бою өстүрүлүүчү өсүмдүктөрдүн санынын көбөйүшүндөгү анчалык чоң эмес өзгөрүүлөргө карабастан дээрлик өзгөрүлбөстөн кала берген.

Республиканын Фергана өрөөнүнө жамаатташ райондорунда дыйканчылык чарбачылыктын эң негизги тармактарынын биринен жана аймакты чарбачылык жактан өздөштүрүүнүн эң маанилүү формасынан болгон. Мунун натыйжасында бул жерде «шаар менен элеттин жиги ажырай элек бirimдик» катарында шаардык турмуш байыртадан эле калыптанган. Бул жерде ири дыйканчылык, кол өнөрчүлүк жана соода борборлору кыйла эрте пайда болгон.

Кыргызстан аймагында шаар турмушу VI—XII кылымдарда кыйла жандана баштаган. Бул мезгилде саясий бийлик көчмөн элдердин (түргөштөрдүн, караханилердин, кара кытайлардын)



колунда кала берсе да «...дыйканчылык кылган калк жайгашкан жайлардын жана шаар борборлорунун мааниси жогору бааланган» (Кожемяко П. Н., 1959, 9—6-б.). Анткени алар, бөтөнчө караханилер шаарлардын өнүктүрүлүшүнө тоскоолдук кылышкан эмес.

Орто кылымдагы Кыргызстан аймагынын чегинде шаар турмушунун чыныгы гүлдөшү X кылымда, Орто Азияда феодалдык мамилелер биротоло калыптанып бүткөн мезгилде байкалган.

Шаарлардын мындайча өсүшү көчмөндүк коомдо «өндүргүч күчтөрдүн ички өнүгүү процесси» жана көчмөндөрдүн жармач бөлүгүнүн отурукташып оокат кылууга өтүшү» пайда кылган феодалдык мамилелердин дүркүрөп өнүгүшү менен байланышкан (Кожемяко, 1959, 9-б.).

Чүй өрөөнүндөгү орто кылым шаарларынын көпчүлүгү Чалдыбар—Фрунзе—Токмок—Быстровка шоссе жолунун боюнан орун алган азыркы калктуу пункттардын тизмеги созулуп жаткан мейкиндикке жайгашкан. Алардын айрымдары гана (Степь, Сретенка, Чөмүч, Төлөк шаар чалдыбарлары) бир аз обочорооктo турган. Шаарлардын мындайча орун алышы кокусунан болгон эмес. Ал ошо кезде өрөөндү басып өтүп, Орто Азиядан Кытайга кеткен чоң соода жолунун багыты менен аныкталган.

Бул шаар калдыктарынын ээлеп жаткан аянттарына караганда алар көлөмү жагынан кыйла чоң болуп (алардын айрымдарынын айланма дубалынын узундугу 23 км.ге жеткен), аларда жашоочулар кол өнөрчүлүк жана соода-сатык менен гана эмес, ошондой эле дыйканчылык менен да кесип кылышкан болуулары керек (Кожемяко, 1959).

XIII кылымда (1218—1219-жылдары) Кыргызстан монголдордун жапырып кирүүсүнө кириптер болгон. Мына ушундан соң анда жашаган элдердин узак убакыт бою экономикалык жана саясий жактан кедери кете баштаган. Бул кедери кетүүнү монголдордун ойрондоп кирүүлөрүнөн мурда да Чыңгысхандын укум-тукумдары жана алардын ордун басып калгандар жүргүзгөн чабыштар жана калыптанып калган соода байланыштарынын бузулушу ого бетер күчөткөн.

Мунун натыйжасында «көп сандаган шаарлуу жана айылдуу Кыргызстандын гүлдөгөн өрөөндөрү жайыт жерлерине айланып, көчмөнчүлүк турмушта жашоо үчүн шарттар пайда болгон» (Кибиров, 1955).

XVIII кылымдын аягында — XIX кылымдын башында азыркы Кыргызстан аймагын Кокон хандыгы каратып алган. Кокондуктар басып алган жерлерин кармап туруу максатында стратегиялык жана экономикалык жактан өтө ыңгайлуу жерлерге бир катар аскер чептерин курушкан соң, алардын айланасына

отурукташкан калк топтоло баштайт. Чүй өрөөнүндө Ак-Суу, Пишпек, Токмок, Ысык-Көл боюнда Кызыл-Жар, Борбордук Тянь-Шанда — Нарын, Куртка, Ат-Башы, Түштүк Кыргызстанда — Дараут-Коргон, Сопу-Коргон, Кызыл-Коргон, Чиназ, Төрө-Коргон чептери курулат. Кыргыздар көчмөн турмушта жашап, азыркы кездегидей калктуу пункттарды курушкан эмес. Алар сезондуу конуштарда (жайлоолордо, кыштоолордо) турмуш-тиричиликке зарыл керектүү эмгектери менен көчүп-конууга ыңгайлуу боз үйлөрдө жашашкан. Анткен менен андай жайлоолор менен кыштоолор жашоого жана чарбачылык кылууга ыңгайлуу жерлерден туруктуу тандалып алынган.

Мына ошентип, кыргыздар Россиянын составына ыктыярдуу кошулганга чейин Кыргызстан аймагында көчмөндөрдүн убактылуу конуштары (айылдары), отурукташкан азыноолак калк жашаган кокондуктардын аскер чептери, түштүк-батыш тарапта соода-сатык жана дыйканчылык менен кесип кылган калк жашаган айыл-кыштактар жана Ош, Өзгөн деген эки чакан шаары болгон.

Кыргызстандын түндүгүндөгү транспорт жолдору кербен жүрүүгө жана мал айдоого жарактуу жолдор менен чектелип, алар экономикалык өнүгүүнүн ошол кездеги жетишилген деңгээлине толук жооп берген.

Өнөр жайы жок болуп, кол өнөрчүлүк товарлары негизинен аларды өндүрүүчүлөрдү өзүлөрүнүн гана муктаждыктарын канааттандырган, соода мал айдап өтүүгө жана кербен жүрүүгө гана жарактуу жолдор аркылуу алып өтүүгө мүмкүн болгон товарларды чыгаруу менен чектелген. Соода көбүнчө кокондук көпөстөр тарабынан жүргүзүлүп, товарлардын көлөмү, саны чектелген эле (Венюков, 1872). Мал, жүн, бир аз аңчылыктан алынган кунулар жана терилер негизги соода-сатык товарларынан болгон.

Кыргызстандын түштүк-батышында Түндүк Кыргызстандагыга караганда бир аз башкача жүргүзүлгөн көчмөн мал чарбачылыгы менен катар (Ракитников, 1960) товардык дыйканчылык жакшы өнүккөн, кол өнөрчүлүк жана соода борборлору да эрте пайда болгон Ферғананын соода борборлоруна жакын туруусу Түштүк Кыргызстанда жашоочулардын соода-сатыгынын мүнөзүнө жана көлөмүнө чоң таасир эткен. Ош, Өзгөн шаарлары калкынын кыйла бөлүгү али да болсо дыйканчылык менен жашаганына карабастан бул мезгилде айыл чарбачылыгынан башка иш-аракеттин: сооданын, кол өнөрчүлүктүн борборлору катарында чыгып, административдик, маданий очоктордун милдеттерин аткара баштайт. Ири айылдар (Жалал-Абад, Сузак) кол өнөрчүлүк борборлорунан боло баштайт.



Россиянын составына кошулушу кыргыз элинин кийинки тагдырында чечүүчү роль ойногон. Анын натыйжасында экономикалык жана социалдык турмушунда чоң өзгөрүштөр болгон: чарбанын феодалдык чектелгендиги жоюлуп, капиталисттик акча-товар мамилелеринин чөйрөсүнө тартылган, товардык айыл чарба продуктыларынын өндүрүлүшү кеңейип, ал Россиянын рыноктоpуна ылайыктала баштаган, кен казып алуучу жана иштетүүчү өнөр жайы пайда болгон, дыйканчылык кеңейип, чарбачылык кылуунун алда канча жогорку маданияты жана ыктары тараган; калктын миграциялык кыймылы күчөгөн; транспорт өнүгүп, шаардык жана айылдык турак жерлер өскөн.

Октябрь социалисттик революциясынын алдында республиканын аймагында ар түрдүү чарбачылыкка адистешкен төмөнкүдөй райондор таасын түзүлүп калган:

— эгин өстүрүүчү дыйканчылык райондору (Чүй жана Талас өрөөндөрү, Ысык-Көлдүн чыгыш кылаасы). Бул райондордо иштетүүчү өнөр жайлар да пайда боло баштаган;

— көбүнчө соода-сатыкка арналган (товардык) көчмөн мал чарбачылык жана өзүлөрүнүн керектөөлөрү үчүн дан өндүрүүчү дыйканчылык райондору (Ички Тянь-Шань, Алай);

— техникалык жана азык-түлүк өсүмдүктөрүн соода-сатык үчүн өндүрүүчү отурукташкан дыйканчылык, кен казып алуучу жана иштетүүчү өнөр жайы кыйла өнүккөн райондор (Фергана өрөөнүнүн тоо этектери).

Бул мурдагы шаар жерлердин өнүгүшүнө, жаңыларынын пайда болушуна көмөктөшкөн. Бул үчүн Кыргызстан 1913-жылы Түркстанда казылып алынган бардык көмүрдүн 70% берип, Түркстандын өнөр жайын отун менен эң негизги жабдуучуга айланганын айтсак жетиштүү болот (Чормонов Б. Ш., Сидоров А. Ф. 1963).

Республиканын аймагын чарбачылык жактан өздөштүрүү ишинде жана шаарлардын өнүгүшүндө көчүрүлүп келген кыймылы зор роль ойногон. 1867-жылдан 1911-жылга чейин Жети-Суу областына (ага Түндүк Кыргызстандын кыйла бөлүгү да кирген). 112 миңден ашуун дыйкан жана 48 миңге жакын орус казактары көчүп келип, 100дөн ашуун калктуу пункттарды негиздешкен[1].

Көчүп келүүчүлөр кыймылы экономикалык турмуштун активдешүүсүнө, товар өндүрүшүнүн жана жүгүртүлүшүнүн өсүшүнө көмөктөшөт, көчмөндөрдүн отурукташуу процесси башталып, иштетилүүчү жерлер, алардын ичинде сугат аянттары, мал-

[1] Кыргызстандын чегинде XIX кылымдын аягы XX кылымдын башында орус казактарынын Самсоновская, Николаевская, Кочеты, Белый Пикет деген станциялары, Занарынский поселогу негизделген.

дын саны көбөйөт, арендаланчу жер аянттары жана аренда акысы өсөт. Россиянын составына кошулгандан кийинки жарым кылымдын ичинде Кыргызстандын чарбасы кыйла өзгөргөн: айыл чарбасы жагынан адистешкен райондор түзүлгөн, кен казып алуучу жана иштетүүчү өнөр жайы пайда болот, ички жана тышкы соодасы кеңейип, транспорт тармагы пайда боло баштаган.

Чүй, Талас өрөөндөрүнүн жана Ысык-Көлдүн чыгыш кылаасындагы дыйканчылык чарбалары Орто Азиянын жана Европалык Россиянын рынокторуна эгин жана картошка[1], мал жана мал чарба продуктыларын, бал, мом жөнөтүп турушкан. Продуктылардын бир бөлүгү шаарлардагы жана ири селолордогу өнөр жай ишканаларына кайрадан иштетүү үчүн жиберилген.

Тоолуу райондордо товардык чарбанын ролунун күчөшүнө байланыштуу чарбачылыктын социалдык диференциясы тереңдеп, рынок үчүн арналган мал чарба продуктыларын өндүрүүнүн көлөмү көбөйөт. Көчмөндөр жашаган райондордун малчылары Түркстандын пахта эгүүчү райондоруна, Европалык Россиянын райондоруна жана Жети-Суунун пайда боло баштаган өнөр жай борборлорунун ишканаларына малды топ-тобу менен системалуу түрдө жөнөтүп турат.

Пахта эгүүчү жана дыйканчылык-мал чарбачылык кылуучу райондордун чегинде турган калктуу пункттардын бир бөлүгү дан жана мал менен соода жүргүзүүнүн ири борборлоруна (Зоркент, Үч-Коргон, Базар-Коргон, Жалал-Абад, Мады, Өзгөн, Асаке, Ош, Ноокат ж. б.) айланат.

Ошондой болсо да, ошол мезгилге карата алганда экономиканын кыйла өскөнүнө карабастан, шаарлар жай өнүккөн, анткени чарбачылык иш-аракеттин активдешүүсү тоо кыркаларынын этектеринде ичке тилкеде отурукташкан дыйканчылык райондорунун мүмкүнчүлүктөрү менен чектелген эле. Калктын негизги массасы көчмөн турмушта жашап, товар-акча мамилелерине жай тартылган. Октябрь революциясы жеңип чыкканга чейин Кыргызстандын шаарлары кол өнөрчүлүктү, сооданы, өнөр жай өндүрүшүнүн жөрөлгөлөрүн айыл чарбасы менен айкалыштырып жүргүзгөн. Республиканын шаарларында өнөр жайынын ролу өтө эле кичине болгондуктан, революцияга чейинки маалымат берүүчү адабияттарда алар көрсөтүлгөн да эмес. Алсак, «1913-жылдагы Сибирь соода-өнөр жай иштеринин жылдыгынан» мындай деген саптарды окуйбуз: «Пишпектин шаардык калкы багбанчылык, соодагерлик, кирээчилик, дан өстүрүүчүлүк менен кесип кылышат...» (346-б.). Андан ары Пржевальск жөнүндө «Анын калкы мал багуу, дан өстүрүү, жыгач өнөр жайы, соодагерчилик, огородчулук, бал челекчилик, айрымдары кирээчилик менен кесип кылышат (бал жана мом Ташкенге, Ферганага жөнөтүлөт)», — деп жазылган.

Бул «Жылдыкта» «жыгач өнөр жайы» деген сөз мындан улам айтылат. Пржевальскинин чет жакаларындагы жерлер чынында Кыргызстанда карагай даярдалчу бирден бир аймак болгон, шаарда тактай тилүүчү чакан эки ишкана иштеген.

Бул албетте, Кыргызстанда өнөр жайы таптакыр эле жок болгон дегендикке жатпайт. Согуш алдындагы жылдарда, Россияда капитализмдин дүркүрөп өнүгүү процесси байкалган кезде өнөр жай ишканаларынын, бөтөнчө айыл чарба сырьелорун иштетүүчү ишканалар (тегирмендер, май чыгаруучу, булгары жасоочу, ичеги-карын иштетүүчү, жүн жуучу), көмүр казып чыгаруучу жана зарыл керектүү буюмдарды жасоочу ишканалардын саны туруктуу өсүп турган.

Революцияга чейинки Кыргызстандын бардык шаарлары чоңдугу жагынан гана болбосо көрктөндүрүлүшү, сырткы көрүнүшү боюнча өзүлөрүнөн айлана-тегеректердеги кыштактардан анчалык айырмаланган эмес. Аларда деле көбүнчө кыштан тургузулган, камыш менен жабылган бир кабат кичинекей үйлөр, кең-кесири короо-сарайлар, жемиш бактары, жайында чаңдуу, күзүндө баткактуу көчөлөрү болгон.

Башка шаарларда деле иш мындан дурус болгон эмес. Уезддердин начальниктеринен, көпөстөрдөн жана чиновниктерден башка шаарда тургандар адам жашоого эптеп-септеп эле ыңгайлаштырылган жайларда баш калкалап күн көрүшкөн.

Совет бийлигинин жылдарынын ичинде Кыргызстандын социалдык жана экономикалык турмушунда болгон өзгөрүүлөр шаарларга да таасир этип, алардын өсүшүнө, сырткы көрүнүшүнө, аткарган милдеттерине таасирин тийгизди. Албетте, булар ары-бери эле боло койгон жок. Ал үчүн эски турак жерлерди — «мурда шаар аты таңууланып келген жайларды» узак убакыт бою кайра куруу, шаарлардын экономикалык өсүүлөрүнүн жүрүшүнө аң-сезимдүү кийлигишүү талап кылынды. Анткени Кыргызстан сыяктуу мурда артта калган аймактардагы шаарлардын өсүшүн, экономикалык жана маданий турмуштун жалпы эле жүрүшүнө сала берүү мүмкүн эмес эле. Ушундан улам аларды калкты отурукташтыруу боюнча, социалисттик коомду курууда кедерги болгондордун бардыгын өзгөртүү боюнча бардык иштер топтоло турган керектүү сандагы шаардык борборлор менен камсыз кылуу зарыл болучу.

Азыркы Кыргызстан — индустриялуу-агрардык республика. Совет бийлигинин жылдарынын ичинде аткарылган социалдык

[1] Түркстан үчүн гана.

экономикалык кайра түзүүлөрдүн комплекси дал ушул деңгээлге жетишүүгө багытталган эле.

Республикада индустриялаштыруу процесси белгилүү милдеттерди ырааттуу чечип, бир нече этапта өткөн. Болжол менен ал этаптарды төмөнкүдөй убактылуу чектерге бөлүүгө болот:

1. 1922—1940-жылдар — кол өнөрчүлөр кооперацияларынын артелдеринин активдүү өнүгүү мезгили. Индустриялаштырууга андан ары кадам шилтөө тажрыйба, каражат топтоо мезгили менен коштолгон. Бул учурда кол өнөрчүлөр кооперациялары калктын керектөөчү товарларга болгон муктаждыктарын канааттандыруу, транспорт каражаттарын, эмгек куралдарын оңдоо милдетин ж. б. аткарышкан. Ири өнөр жай ишканалары негизги тармактарда: отун-энергетика, кен казып чыгаруучу, машина куруучу, тамак-аш өнөр жайынын тармактарында (кант заводдору) гана түзүлгөн.

2. 1941—1958-жылдар азыркы кездеги өнөр жайын түзүү мезгили. Бул мезгилде жаңы өнөр жай ишканаларын куруу менен катар эскилери кайрадан жабдылып, кол өнөрчүлөр кооперацияларынын артелдеринин цехтеринин ордуна азыркы кездеги заводдор менен фабрикалардын имараттары тургузулган.

3. 1959—1970-жылдар республиканын өнөр жайын структуралык кайра куруу мезгили: сырье ресурстары менен камсыз кылынган, улам тез өсүп жаткан эмгек ресурстарын максималдуу пайдаланып жана эмгектин жалпы союздук бөлүштүрүлүшүндө Кыргызстандын абалын чыңдап жаткан тармактарды күчтөп өнүктүрүү мезгили. Бул баарыдан мурда гидро-энергетикалык ресурстарды өздөштүрүү, тамак-аш, вино чыгаруучу, жеңил өнөр жайынын, машина куруу, электротехника жана транспорт каражаттарын жасоочу өнөр жайынын кубаттуулуктарын арттыруу болуп саналат.

4. 1971-жылдан ушу кезге чейинки мезгил илимий-техникалык революциянын жетишкендиктерине (автоматтык линиялардын, программалуу сандык башкарма станоктордун өндүрүшкө кийрилиши ж. б.) негизделген технологияны өндүрүшкө кеңири кийрүү, өнөр жай кооперациясын кеңейтүү жана өнөр жай ишканаларынын иштеринин экономикалык факторлорун өркүндөтүү: кадрларды туура жайгаштыруу, өндүрүү көлөмдөрүн, экономикалык байланыштарды, эмгек коллективдерин башкарууну оптималдаштыруу мезгили. Бул ишканаларды, шаарларды, райондорду социалдык жана экономикалык жактан өнүктүрүүнүн комплекстүү пландарын иштеп чыгуу, продукциянын жогорку сапаты үчүн күрөшүү мезгили.

Бул этаптардын ар бири шаардык турак жерлердин өсүш темптерине, алардын көрктөндүрүлүшүнө, республиканын социалдык-экономикалык, маданий турмушунда алардын ойногон ролуна өзүнчө таасир эткен. Алар жөнүндө кийинки бөлүмдөрдө кыскача токтолобуз.



## РЕСПУБЛИКАНЫН ШААР КАЛКЫНЫН САНЫНЫН КЫЙМЫЛЫ

Шаарда жашоочулар санынын кыймылы жөнүндө сөз кылганда бүткүл калктын санынын кыймылына көңүл бурбай кетүүгө мүмкүн эмес. Анткени алар тыгыз байланышта турган процесстер болуп саналат.

Кыргызстан калкынын кыймылында өлкөнүн башка райондорундагыга караганда жергиликтүү шарттардын өзгөчөлүгү пайда кылган өзүнчө бөтөнчөлүгү, айырмалуу көп көрүнүштөр болгон. Алсак, Кыргызстан өлкөдөгү 1913—1929-жылдардын аралыгындагы мезгилде да калкынын саны кыйла өскөн анчалык көп эмес райондордун бири. Бул мезгилдин аралыгында республикада жашоочулардын саны дүйнөлүк биринчи согуштагы жана граждандык согуштагы жоготууларга, 1916-жылдагы көтөрүлүштөн кийинки үркүндөгү кыйла жоготууларга карабастан дээрлик 16%ке өссө, өлкө боюнча бул өсүш орто эсеп менен 5%ти гана түзгөн.

Калыбы, мунун жандырмагы төмөнкүдөй эки жагдайга байланыштуу болсо керек; биринчиден, граждандык согуш жылдарында согуш аракеттери (анчалык чоң эмес отряддардын бир нече кагылышуусун эске албаганда) республиканын аймагында дээрлик болгон эмес, экинчиден, Кыргызстанда жашоочулар граждандык согуш жылдарында жана андан кийинки мезгилде азык-түлүктүн тартыштыгын көрүшпөгөн, мунун өзү бул жакка өлкөнүн башка райондорунан элдин өтө көп көчүп келишине, албетте, шарт түзгөн. Мындан тышкары падыша өкмөтүнүн куугунтуктоосунан 1916-жылкы үркүндө качкан кыргыздар 20-жылдарда мекенине кайтып келе башташкан.

Көчүп келүүлөр кийинки жылдарда да уланып, мунун натыйжасында республикада жашоочулардын саны 1940-жылга карай дагы 52,5%ке өскөн же жылына орто эсеп менен 3,7 процентке көбөйүп турган. Бул мезгилде бүткүл өлкө боюнча калктын саны 17,2%ке гана өскөн. Мына ошентип, Кыргызстанда калктын санынын өсүш темптери Улуу Ата мекендик согуш башталганга чейин союздук темптерден үч эсе жогору болгон. (1940-жылдан 1950-жылга чейин республикада жашоочулардын жалпы саны дагы дээрлик 15%ке көбөйгөн.) Бул жолу фронт боюндагы жерлерден эвакуацияланган калктын эсебинен кыйла өлчөмдө өскөн.

Бирок 50-жылдары балдардын төрөлүш деңгээлинин жогору болгонуна карабастан калктын саны иш жүзүндөгү табигый өсүштөн жайыраак көбөйөт. Миграция сальдосу кыйла терс болсо да (жылына миграция 4 миңден 30 миң адамга чейин жеткен) бул 10 жылдын ичинде калктын саны 20%ке гана өскөн. Анткени Улуу Ата мекендик согуш жылдарында батыштагы райондордон эвакуациялангандар туулуп-өскөн жерлерине кайтышкан.

Мындан кийинки жылдары республикада жашагандардын санынын өтө дүркүрөп өсүү мезгили байкалган 1959-жылдан 1979-жылга чейинки 20 жылдын ичинде ал көрсөткүч 71%ке көбөйгөн же 2066 миң адамдан 3529 миң адамга чейин өскөн. Мындай табигый чоң өсүш механикалык өсүштүн кыйла оң сальдосу менен да коштолгон.

Бул мындайча айтканда өзүнүн мүнөзү жана багыты боюнча шаар калкынын кыймылы менен, айрым ири административдик түзүүлөр боюнча калктын кыймылынын мүнөзү менен дайыма эле төп келе бербеген эң жалпы кыймылдын көрүнүшү болуп саналат.

Мисалы, 1897-жылдан 1979-жылга чейинки мезгилдин ичинде республикада жашагандардын жалпы саны 5,3 эсе өссө, шаар калкы 21,7 эсе, бүткүл калктын өсүшүнө караганда 4 эсе тез өсүп көбөйгөн, элет калкы болгону 3,6 эсе гана өскөн. Анын үстүнө шаар калкынын саны бир кылка эмес, бирде жайлап, бирде көбөйүп, ал республикада, бүтүндөй өлкөдө болуп өткөн социалдык-экономикалык процесстерге жараша өнүгүп турган. Мисалы, шаар калкынын биринчи жолу эки эсе көбөйүшү үчүн (1897-жылдагы эл каттоодон кийин) 29 жыл кетсе, мындай экинчи өсүш үчүн 13 жыл, үчүнчүсү үчүн 14, төртүнчүсү үчүн 17 жыл талап кылган. Төртүнчү жолу эки эсе көбөйүүдөн кийинки 1971—1979-ж. сегиз жыл ичинде шаар калкынын саны 24,4%ке гана өскөн.

Кыргызстандын шаар калкынын санынын кыймылы үчүн дагы бир бөтөнчөлүк мүнөздүү. Анткени шаар калкы кыйла жогорку темп менен өссө да, республиканын бардык калкынын составындагы анын салыштырма салмагы өтө жай жана туруксуз өзгөрүп келген. Алсак, 1939-жылдан 1969-жылга чейинки мезгилде гана шаар калкынын саны элет калкына караганда 2,1 эсе тез өскөн. Анткен менен кийинки жылдарда элет калкынын санынын өсүшү шаар калкына караганда 1,3 эсе жогору болгон.

Шаар калкынын санынын кыймылындагы мындай секирик түрүндөгү көрүнүштү ар кандай себептер пайда кылган.

Улуу Ата мекендик согушка чейин индустриялаштыруу процессин республикада жүзөгө ашыруу салыштырмалуу түрдө



жай жүргүзүлгөн, анткени биринчи кезекте көчмөндөрдү отурукташтыруу, билим деңгээлин көтөрүү, өнөр жай курулушуна киришүү үчүн зарыл керектүү шарт катарында улуттук кадрларды даярдоо сыяктуу милдеттерди чечүү зарыл эле. Элет калкынын шаарларга миграциясы анчалык көп болгон эмес. Себеби ал кезде шаарлардын өзүлөрүнүн эмгек резервдери болуп, жаңыдан курулган ишканаларды жумушчу күчтөрү менен өзүлөрү камсыз кылып турган.

Бул «даярдык көрүү» мезгили 1939-жылга карай аяктаган. Шаарлардын жумушчу күчтөрү жагынан ички резервдери түгөнүп, индустриялаштыруунун өсүп жаткан темптери сырттан кошумча жумушчу күчтөрүн тартууну талап кылган. Шаар калкынын тез өсүшүн мына ушул жагдай камсыз кылып бул өсүш фронт боюндагы шаарлардан Кыргызстанга эвакуацияланган ишканалардын жана калктын эсебинен Улуу Ата мекендик согуш жылдарында уланган.

Өнөр жайын активдүү куруу процесси согуштан кийин да жүрө берген. 1950-жылдан 1965-жылга чейинки 15 жылдын ичинде гана өнөр жай өндүрүшүнүн жалпы көлөмү 5,0, капиталдык салымдар 5,7 эсе көбөйгөн (Кыргызстан Совет бийлигинин жылдарында, Юбилейлик статистикалык жылдык, Фрунзе, 1977). Бул, албетте Кыргызстандын элет жерлеринен гана эмес, бүткүл өлкөнүн туш тарабынан да келип жаткан калктын активдүү миграция процессин пайда кылган. Анткени республика өнөр жайда иштөөчү квалификациялуу кадрларга өтө муктаж болуп турган.

Бул мезгилде республикалык улуттук кадрларды даярдоо темпинин күчөтүлүшү али да болсо аларды башка жерлерден алып туруу менен айкалыштырылган. Бул өнөр жайынын өнүгүшүн жана шаар калкынын озгон темпте өсүшүн камсыз кылган. Бирок бул озуу негизинен калкты республиканын ичинде кайра бөлүштүрүү, ички урбанизациялоо процесстеринин эсебинен жүргүзүлгөн.

Республиканын шаардык айрым турак жерлеринде жашоочулардын жалпы санынын кыймылында да чоң айырмачылыктар бар. Бул айырмачылыктар өнүгүүнүн тигил же бул мезгилинде шаарлардын ар биринде учураган социалдык-экономикалык жана этностук жагдайлар менен аныкталган.

Эгер шаардагы экономикалык активдүүлүктүн жогорулашы эреже катарында калктын механикалык кыймылынын оң сальдосунун өсүшү менен коштолорун эске алсак, анда республиканын шаарларынын составында андай шаарлар 1965-жылга чейин абдан аз болду. Алардын катарына Ош, Токмок шаарлары жана шаар тибиндеги Кайыңды, Кант, Кочкор-Ата поселок-

тору гана кирди. Булар калкынын табигый жана механикалык өсүшүнүн катышы жагынан таасын бөлүнүп көрүнүп турат. Анткени аларда калктын табигый өсүшү басымдуулук кылат. Бирок башка шаарларда экономикалык стагнация жөнүндө таптакыр бир беткей ырастоо туура эмес болор эле. Кеп 60-жылдар— бул өнөр жайын техникалык жана уюштуруучулук жактан кайра курууларлын жылдары болгондугунда. Бул мезгилде кол өнөрчүлүк кооперацияларынын иш жүзүндө эскирген техникалар менен жабдылган көп сандаган артелдеринин базасында азыркы кездеги өнөр жай ишканалары курулуп, шаарлар эмгек ресурстарынын ички резервдери менен, аларды сырттан тартуусуз эле иштеп турган. Бирок алардын өнүгүшү объективдүү кыйынчылыктарга (ресурстардын пайдаланылып бүтүшү, транспорт маселесинин катаалдыгы, иштин кандайдыр бир этабынын аякташы д. у. с. Бул кыйынчылыктарды жоюу көп убакытты талап кылган) учурагандарынан башкасы бөлөк шаарлар менен жумушчу күчтөрүн алмашуу процессинде жашоочуларын да жоготушкан эмес.

Кийинки жылдар (1960—1980) шаар калкынын санынын өсүшү жагынан бүтүндөй республика боюнча да, айрым шаардык турак жерлер боюнча да бирдей болбоду. Эгерде, мисалы, 1975-жылы шаар калкынын жалпы саны 8,3 процентке көбөйсө, 1967-жылы 2,2 процентке азайган. 1979-жылы 1978-жылдагы деңгээлинде калган. Бул өзгөрүүлөр табигый эле көрүнүш. Анткени аларды пайда кылган себептер дискредиттүү, өтө сейрек учуроочу (мисалы, Ата мекендик согуш жылдарында эвакуацияланып келгендердин туулуп-өскөн жерине түп көтөрө кайтуулары) көрүнүш экендигинен улам алар убактылуу гана болот.

Республиканын шаардык турак жерлеринде жашоочулар санынын 1971—1979-жылдардагы кыймылынын мүнөзү боюнча аларды төмөнкүдөй алты топко бөлүүгө болот:

— изилденген бул мезгилде жашоочуларынын санын өзгөртпөгөн турак жерлер (шаар тибиндеги Орто-Токой жана Маймак поселоктору);

— көрсөтүлгөн мезгилдин аягы ченде калкы бир кыйла азайган турак жерлер (Сүлүктү, Таш-Көмүр шаарлары жана шаар тибиндеги Терек-Сай, Сумсар, Достук, Ак-Булак, Краснооктябрьский поселоктору);

— калкынын өсүшү табигый өсүштөн төмөн болгон турак жерлер (Кызыл-Кия, Көк-Жаңгак шаарлары жана шаар тибиндеги Жыргалан, Шамалды-Сай, Кочкор-Ата, Фрунзе, Хайдаркан поселоктору);

— калкынын санынын өсүшү табигый өсүүдөн бир аз гана ашык же ага барабар болгон, бирок республиканын бардык



шаарлары боюнча жылдык орточо көрсөткүчтөн (2,4%) төмөн турган турак жерлер (Фрунзе, Майлы-Сай, Талас, Өзгөн, Жалал-Абад, Рыбачье, Кара-Суу шаарлары жана шаар тибиндеги Ивановка, Орловка, Первомайский, Пристань, Пржевальск, Кок-Таш, Быстровка, Ак-Түз поселоктору ж. б.).

— жашоочуларынын санынын өсүшү республиканын бардык шаар калкынын орточо өсүш көрсөткүчүнөн алда канча жогору болгон турак жерлер, аларга Токмок, Кара-Балта, Ош, Нарын, Чолпон-Ата, Кара-Көл, Пржевальск шаарлары жана шаар тибиндеги Восточный, Найман, сыяктуу поселоктор ж. б. кирет.

Жашоочулар санынын кыймылынын ар бир тибине шаардык турак жерлердин тийиштүү экономикалык активдүүлүгү жана анын демографиялык структурасы туура келди. Айтсак, ири суу сактагычтын жанында пайда болгон Орто-Токой «күзөтчүлөр турак жери» өзү аткарып жаткан милдетинин бөтөнчөлүгүнө: суу тоскучтун бузулбай турушун жана гидротехникалык курулуштардын так иштешин көзөмөлдөөгө байланыштуу мурдагы деңгээлинде калган. Бул жерде жаңы жумушчу орунну ачылбагандыктан өсүп келе жаткан муундардын айрымдары пенсияга чыккандардын же иштен бошоп кеткендердин гана ордун басып, калгандары башка шаарларга иштөөгө кетишет. Анын үстүнө ал ири турак жерге өсүп чыгуу үчүн мүмкүнчүлүгү чектелген аймактан орун алган.

Жашоочуларынын кыйла бөлүгүн жоготуп койгон турак жерлерге баарынан мурда көмүр алынуучу борборлор (Сүлүктү, Таш-Көмүр), минерал-сырье ресурстарын казып алуучу борборлор (Терек-Сай, Сумсар, ж. б.) кирет. Аларда жашагандардын миграцияланыш себептери — кендин түгөнүшүнө байланыштуу кен казып алуу көлөмүнүн кыскарышы, зарыл шарттардын жоктугунан, баарынан мурда транспорт маселесинин катаалдыгынан, курулуш үчүн аянттарынын чектелүү экенинен улам жаңы жумушчу орундарын ачууга мүмкүн эместик жана башкалар болуп саналат.

Табигый өсүш темпи өтө төмөн турак жерлер тобунда калкынын санынын өсүшү жогоркудай эле себептер менен басаңдаган отун-энергетика жана минерал-сырье ресурстарын казып алуучу борборлор да бар. Бирок бул шаардык турак жерлердин айрымдарынын (Кызыл-Кыя, Кочкор-Ата ж. б.) өнүгүүлөрү үчүн жалпы шарттары жорогуда көрсөтүлгөндөрдүкүнөн мыкты.

Кант поселогунун өнүгүүсү ага жакын эки шаардын — Фрунзе менен Токмоктун таасири алдында чектелүүдө. Үстүбүздөгү кылымдын аягына карай бул поселок Фрунзе шаарына кошулуп кетиши мүмкүн.

Өнүгүү шарттары татаал шаардык турак жерлер үчүн да

2—1501
ОШСКАЯ областная БИБЛИОТЕКА 304120

аларда жашоочулардын санынын жай өсүшү мүнөздүү болду. Алардын өсүшүнүн ар бирине мүнөздүү келген татаалдык даражасы менен бөтөнчөлүктөрү бар.

Алсак, транспорт байланыштарынын өтө ыңгайлуулугуна карабастан Рыбачье шаарынын өнүгүшү жагымсыз жаратылыш шарттарына (абасынын кургактыгы, шамалынын күчтүүлүгү, анын бөтөнчө жылдын суук тарткан жарымында күчөшү, температурасынын кескин алмашып турушу) жана табигый ресурстар потенциалынын чектелгенине (шаардын чет жакаларындагы жерлердин пайдалуу кендерге жардылыгы, сугат суусунун жоктугунан улам айыл чарбасы үчүн пайдаланылуучу аянттарынын аздыгы) дуушар болуп жатат.

Майлы-Сай шаарынын өнүгүшү жергиликтүү администрациянын[1] активдүү аракеттенүүлөрүнө карабастан курулуш аянттарынын аздыгынан (шаар капчыгайдан орун алган) жана шаарда башка чарба тармактарын жайгаштыруу мүмкүндүгүн артка тартуучу транспорт маселесинин катаалдыгынан чектелген абалда калып жатат.

Транспорт маселесинин катаалдыгы жана минерал-сырье ресурстарынын жоктугу — Талас шаарынын өнүгүшүнө чек коюучу маанилүү факторлор. Мына ошентип, бул топко кирген турак жерлердин ар биринин өзүнүн өнүгүшүн артка тартуучу проблемалардын «жыйнагы» бар. Алардын айрымдары үчүн бул убактылуу проблемалар болсо, башкалары үчүн өндүргүч күчтөрдүн азыркы кездеги деңгээлинин шарттарында чечтетилиши өтө кымбатка түшүүчү узакка созулуучу проблемалар болуп саналат.

Жашоочуларынын санынын өсүшү орточо келген турак жерлердин катарында республиканын борбору — Фрунзе шаары да бар. Кыргызстандын шаардык турак жерлеринин ичинен абсолюттук өсүү өлчөмү жагынан ага биринчи орун таандык болсо да, изилденген мезгилде шаарда жашоочулардын санынын жалпы өсүшү (20,1%) республиканын шаар калкынын жалпы санындагы анын салыштырма салмагынан (37%, 1979-ж.) алда канча төмөн болуп чыкты. Салыштырма көрсөткүчтүн мындайча төмөндөшү азырынча камтамаланууга себеп болбоого тийиш, анткени ага табигый өсүү темптери таасир этип жатат, табигый

[1] Бийликтин шаардык органдары райондук, бүткүл союздук жана ал түгүл эл аралык конференцияларды, кеңешмелерди, спорт мелдештерин өткөрүүнүн эсебинен шаардын аткарар милдеттерин кеңейтүүгө аракеттенип жатышат. Айтсак, бул шаарда экономикалык өз ара жардамдашуу советинин «Интерэлектро» жумушчу тобунун 10-заседаниеси, жаа тартуу боюнча бүткүл союздук мелдеш д. у. с. өткөрүлгөн.



өсүш темптери республиканын бүтүндөй бир катар шаарларына караганда борбордо төмөн.

Шаардык турак жерлердин акыркы тобун-жашоочуларынын санынын өсүш темптери жогору тобун өз милдеттерин жакында эле кеңейтишкен (областтык борборлор: Пржевальск, Нарын жана Чолпон-Ата шаарлары) же ири курулуштарды тейлеп жаткан турак жерлер (Кара-Көл), же пайдалуу кендер чыккан жерлерде курулган жаңы өнөр жай аянттарында пайда болгон турак жерлер (шаар тибиндеги Восточный поселогу) д. у. с. түзөт. Мына ошентип, алар чарбалык иш аракети жагынан активдүүлүгү өсүп жаткан жана анын үстүнө калкынын табигый өсүш коэффициенти жогору турак жерлер болуп саналат.

## КЫРГЫЗСТАНДЫН ШААРЛАРЫНЫН СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК РОЛУ

Республиканын шаарларынын социалдык-экономикалык ролуна байланышкан маселелер айрым адистер тарабынан да, ошондой эле авторлор коллективдери тарабынан да талдоого алынган. Мына ошондуктан биздин милдетибиз мына ошол талдоолордун натыйжаларын жана акыркы статистикалык маалыматтарды пайдаланып, республиканын социалдык-экономикалык өнүгүшүндө шаардык турак жерлердин ар бир тобунун маанисин жана келечекте алаар ордун тактоодо гана турат. Өлкөнүн башка регионадору боюнча окумуштуулар тапкан шаарлардын өнүгүү закон ченемдүүлүктөрү негизинен республиканын шаарларына деле мүнөздүү, бирок алар айрым учурда бир аз жай же, тескерисинче, тез жүргөн мүнөздө гана көрүнөрүн алдын ала айта кетүү керек. Бул Кыргызстандын социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн бөтөнчөлүгү, өткөндөн калган мурастары, ресурстар потенциалынын жайгашуу мүнөзү жана составы менен байланышкан. Анткени ресурстар потенциалынын пайдаланылышы шаарлардын функциялык структурасына, алардын өсүш ылдамдыгына ,социалдык-экономикалык өнүгүү процессинде уюштуруучулук ролун аткарышына ар кандай таасир этет.

Республиканын шаардык турак жерлеринин тармактары үчүн төмөнкүдөй өзгөчөлүктөр таандык:

1) республиканын борборунун — Фрунзе шаарынын социалдык-экономикалык ролунун өтө басымдуулук кылышы. Анын үлүшүнө бардык өнөр жай өндүрүшүнүн, өнөр жай-өндүрүштүк кызматкерлеринин жана өнөр жай-өндүрүштүк негизги фонддорунун тең жарымы, ошондой эле Кыргыз ССРинин бардык шаар калкынын 32,4%ти туура келет (мааниси жагынан) экинчи орунда турган Ош шаарынын калкы Фрунзедегиге кара-

ганда 3,16 эсе аз. Башка көрсөткүчтөрү да ошончо эсе эле төмөн турат);

2) калкы 20 миң адамга чейин жеткен майда шаарлардын жана шаар тибиндеги поселоктордун сан жагынан басымдуулук кылышы. Алардын составында бир функциялуу шаардык турак жерлер жана андан келип чыгуучу бардык терс көрүнүштөр өтө басымдуулук кылат. А. А. Фоминанын маалыматтары боюнча алардын үлүшүнө «өнөр жайынын дүң продукциясынын 15%ти, өнөр-жай өндүрүштүк кызматкерлердин 22 жана республиканын өнөр жай-өндүрүштүк негизги фондуларынын 24%ти гана туура келет (15-б.). Аларда шаардык бардык калктын 18,8%ти гана турат. Өндүрүштүк негизги фондуларынын салыштырма салмагы жогору болгону менен өнөр жайынын бардык дүң продукциясынын наркында салыштырма салмагынын аздыгы чыгарган продукциялардын сырьелук мүнөздө экенин көрсөтөт жана адатта кен казып чыгаруу өнөр жайынын айырмалуу белгиси болуп саналат;

3) шаардык турак жерлердин Кыргызстан аймагы боюнча бир кылка орун албоосу. Шаардык калктын тең жарымы Чүй өрөөнүндө, анын ичинде Фрунзе шаарынын агломерациясында, башкача айтканда республиканын бардык аймагынын 8%ин түзгөн жерде гана жайгашкан. Бул жагынан экинчи орун Ош областына таандык. Республиканын бардык аймагынын 42,5%ин ээлеп турган бул областта шаардык калктын 26,2% жайгашкан. Республиканын аймагынын төрттөн бирин ээлеп турган Нарын областына урбанизация процесси өтө начар таасир эткен. Анда шаардык калктын 3% гана топтолгон.

Шаардык турак жерлердин мындай бир кылка жайгашпоосунун өзүнүн объективдүү себептери бар экени талашсыз. Алар: жеринин тоолуулугу, рельефинин ар түрдүүлүгү, деңиз деңгээлинен кыйла бийиктиги, ресурстар потенциалынын салыштырмалуу төмөндүгү ж. д. у. с. Каттоого ыңгайлуу тоо арасынан орун алган өрөөндөрдөгү, ойдуңдардагы жана тоо этектериндеги түздүктөрдөгү чарбалык жактан жакшы өздөштүрүлгөн анчалык көп эмес жерлерде калктын көп топтолуп жашоолору да мына ушундан келип чыккан. Бирок калктын мындай топтолуусу жана каттоого ыңгайлуу тоо этектериндеги райондордогу шаарлардын дүркүрөп өсүшү республиканын өтө баалуу жер фондусунун тез кыскарышына алып келип жатат. Бирок муну менен бирге өндүргүч күчтөрдүн өнүгүшүнүн азыркы деңгээли, жаңы техника жана технология тоолуу райондордун мурда деги эле пайдаланылбай келген же анча-мынча гана пайдаланылып келген бүтүндөй бир катар ресурстарын алда канча кеңири пайдаланууга мүмкүнчүлүк берет. Андай ресурстарга гидроэнергетикалык ресурстардан башка рекреациялык, ар түрдүү курулуш, баарынан мурда имараттарга капталуучу материалдардын ресурстарын, күн жана шамал энергиясын кошуу керек. Булар бийик тоолуу райондордо өтө эле көп жана аларды өздөштүрүү алиге колго алына элек. Албетте, мындай өздөштүрүү үчүн таяныч борборлорун, баарынан мурда шаардык борборлорду түзүү талап кылынат. Ушундан улам республиканын эконом-географ окумуштууларынын милдети жерди туура тандап алууда, республиканын ресурстарын өздөштүрүү боюнча каражаттар жайгаштырыла турган борборлорду туура белгилөөдө турат.

4) Бир функциялуу шаардык турак жерлердин, бөтөнчө алардын шаар тибиндеги поселоктордун составында өтө басымдуулук кылышы. Алардын арасында көмүр казып чыгаруу базалары жайгашкан жерлерде пайда болгон шаарлар жана поселоктор (Таш-Көмүр, Шамалды-Сай, Көк-Жаңгак, Сүлүктү, Восточный, Жыргалаң ж. б.), нефть алынуучу жерлерде (Кочкор-Ата), кен алынчу, байытылчу жана эритилчү жерлерде (Терек-Сай, Сумсар, Чаувай, Ак-Түз, Борду ж. б.) пайда болгон шаарлар транспорт пункттары (Маймак, Сары-Таш), айыл чарба сырьелорун кайра иштетүүчү пункттар (Кант, Первомайский, Эски-Ноокат, Найман ж. б.) бар.

Кен казып алуу өнөр жайынын базасында пайда болгон шаарлар менен поселоктор айрымдарын эске албаганда жолу катаал, калкы аз, начар өздөштүрүлгөн тоолуу райондордо жайгашып, турган жерлери курулушка ыңгайсыз, алар республиканын экономикалык борборлору менен да начар байланышкан. Мына ошондуктан кыйла убактан бери жашап келе жатканына карабастан (алардын айрымдары революцияга чейин эле пайда болгон) экономикасы бир тармактуу болуп, дээрлик өскөн жок. Бир тармактуу шаардык турак жерлердин дагы бир кемчилдиги бар. Анткени казылып алынып жаткан сырье түгөнүп бүткөндөн кийин аларда жашоочулар үчүн жумуш берер кандайдыр бир булакты токтоосуз издеп табууну талап кылат. Мисалы, Кажы-Сайда жана Майлы-Сайда мына ошондой болгон.

5) Шаардык турак жерлердин бир кылка жайгашпаганынан улам алар жамаатташ айыл чарба райондоруна, ал түгүл шаардык турак жерлердин өзүлөрүнүн калкына бирдей социалдык-экономикалык таасир эте албайт. Анткени ар бир адамга эсептегенде дүң продукция өндүрүү, өндүрүлгөн продукциянын түрдүк составы, калкты тейлөө деңгээли жана формаларынын көрсөткүчтөрү, эмгекке орноштуруу, кесип тандоо мүмкүнчүлүктөрү ж. б. жагынан алардын көрсөткүчтөрү да бирдей даражада эместиги бир бөтөнчө мааниге ээ болот. Алсак, авторлор коллективинин (Проблемы... 1972) маалыматтары боюнча чакан шаар-

лардын көпчүлүгүнүн фондулар менен жабдылышы жана фондулар сыйымдуулугу республиканын бардык шаарларындагы орточо көрсөткүчтөргө караганда 80%ке жогору болгону менен алардагы фондулардын акыбет кайтарышы 40%ке төмөн» (12-б.). «Өзгөндө, Таласта, Пржевальскиде, Сүлүктүдө, Көк-Жаңгакта жана Нарында калктын ар бир адамына башка шаарлардагы орточо чыгарылганга караганда өнөр жай продукциясы 3 эсе аз өндүрүлөт» (11-б.). Эмгек өндүрүмдүүлүгүндөгү, өндүрүлгөн продукциянын сапатындагы, аларда жашоочулардын социалдык составындагы, материалдык жана материалдык эмес өндүрүштөгү ж. б. айырмалыктар мына ушундан улам чыгып жатат.

Мына ошентип, бир караганда шаардык турак жерлердин ар кандай типтеринин социалдык, экономикалык жана маданий турмуштагы ойнолгон ролу өлкөнүн башка райондорундагы мына ушундай көрсөткүчтөрдөн бир аз эле айырмаланып, бардык көрсөткүчтөр жагынан борбордун (Фрунзе шаарынын) салмактуулугу ачык-айкын көрүнүп, калкынын саны жана экономикалык ролу жагынан кийинки экинчи орунда турган шаардын (Ош-тун) көрсөткүчтөрүнүн 3—4 эсе төмөндөгөнүнүн, андан соң көп функциялуу жергиликтүү экономикалык борборлордун — областтардын же төмөнкү административдик райондордун айрым топторунун социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүүлөрүнүн таяныч пункттарынын ролун ойногон көбүнчө областтык борборлордун (Пржевальск, Нарын, Жалал-Абад, Кара-Суу ж. б.) турганын, акырында бул иерархиялык шатынын эң төмөнкү тепкичинде көбүнчө бир функциялуу шаардык турак жерлердин (Көк-Жаңгак, Сүлүктү, Жыргалаң, Сумсар, Терек-Сай, Токтогул, Чаувай, Шамалды-Сай ж. б.) турганын көрөбүз.

Бирок мындай окшоштук республиканын шаардык турак жерлери үчүн мүнөздүү кыйла олуттуу айырмалыктарды жокко чыгарбастан, кайра тескерисинче баса көрсөтүп турат. Республикада калктын жайгашуусунун мүнөздүү бөтөнчөлүктөрү баарынан мурда республиканын ар түрдүү бөлүктөрүнүн шаардык турак жерлер менен камсыз кылынышында өтө оркойгон диспропорцияга алып келгенин айгинелейт.

Алсак, республиканын бардык аймагынын 8%инде, «Чүй өрөөнүндө» шаардын бардык калкынын теңинен көбүнүн жайгашуусу иерархиялык бардык тепкичтерде турган шаарлардын ролун баалоого жана шаардык турак жерлерди өнүктүрүү стратегиясына бир аз башкача мамиле жасоону талап кылат.

Республиканын аймагында шаардык турак жерлердин бир кылка жайгашпагандыгы ички көп райондорду таяныч пункттарынын системасынан ажыратып коюп жатат, мунун өзү алар-



дын социалдык-экономикалык жактан өнүгүү процессин, эл чарбасын азыркы күндүн талабына ылайыкташтыруу процессин татаалдаштырууда. Ошол эле убакта калктын, анын ичинде шаар калкынын көпчүлүгүнүн Чүй өрөөнүнүн чегинде көп топтошуп жашоосу бир катар терс көрүнүштөрдү: баалуу жер фондусунун өндүрүмсүз пайдаланылышын, курчап турган чөйрөнүн начарлашын, транспорт проблемасынын курчушун, ары-бери каттоолордун өсүшүн ж. б. пайда кылып жатат.

## РЕСПУБЛИКАНЫН ШААРДЫК ТУРАК ЖЕРЛЕРИН ӨНҮКТҮРҮҮ ПРОБЛЕМАЛАРЫ ЖАНА КЕЛЕЧЕГИ

Биздин өлкөдө да, чет өлкөдө да жргүзүлгөн көп сандаган изилдөөлөр тарабынан шаардык турак жерлердин ар бир тибинин өзүлөрүнүн ресурстар потенциалы, географиялык абалы (биринчи кезекте экономикалык-географиялык), элеттик жана шаардык турак жерлеринин жыштыгы, транспорт байланышынын өнүгүшү, өндүргүч күчтөрүнүн жетишкен өнүгүү деңгээли жана аларды жайгаштыруу стратегиясы ж. б. менен аныкталуучу өнүгүү проблемалары жана келечектери бар экени аныкталган.

Эгерде республиканын аймагынын кыйла бөлүгүнүн тоолуу экенин эске ала турган болсок, анда шаардык турак жерлердин өсүш темптерине таасир этүүчү жогорудагы факторлорго табигый климаттык шарттарды да кошо кетүү керек. Анткени «Рельефтин мүнөзү продукция бирдигине кошулчу эмгек чыгымдарынын чоңдугуна түздөн-түз таасир этет. Бийик тоолуу жерлерден табылган пайдалуу кендерди эксплуатациялоо катаал келип, ал жабдууларды жана материалдарды жеткирүүнү татаалдатып, кошумча чыгымдарды талап кылат жана продукциянын наркын кымбаттатат. Климаттык шарттар бирдей эмес эмгек шарттарын, адамдын жашоо шартын жана техниканын пайдаланылыш жагдайларын аныктайт («Проблемы промышленного развития малых городов Киргизии, 1972, 9-б.). Тоолуу жерлерде шаардык турак жерлерди куруу мүмкүнчүлүктөрүнүн жана алардын өнүгүү шарттарынын толук болушу үчүн буга орточо жана өтө бийик жерде жашоого көнүгүү зарылдыгын, ал жашоону улантууга кетүүчү чыгымдардын жогорулашын, курулуш жүргүзүлөр аянттарынын чектелгенин кошуу керек.

Ошол эле убакта шаардык турак жерлердин өнүгүшүнө таасир этүүчү көп сандаган факторлордун өзү эле ар бир шаардын проблемаларын жана бөтөнчө анын өнүгүү келечектерин аныктоого жекече мамиле жасоо зарылдыгы жөнүндө көрсөтүп турат. Бул, албетте шаардык турак жерлердин ар биринин өнү-

гүшүндө жалпы закон ченемдүүлүктөр негизденген проблемалар, мисалы, бардык кичине шаарлар менен шаар тибиндеги поселоктор — өнөр жай (бөтөнчө кен казып алуучу өнөр жайынын) борборлору бир функциялуу келип, алар өзүлөрүн курчап турган аймактар менен начар байланышкан, эмгек ресурстарын пайдалануу жагындагы бир типтүү кыйынчылыктар ж. б. жок дегендикке жатпайт.

Бардык ири шаарлар транспорт жагынан курч проблемаларга, эмгек ресурстары менен камсыз кылынышы боюнча кыйынчылыктарга учурашат, курчап турган чөйрөсүнүн булганыш деңгээли жогору болот ж. б. Мына ошондуктан шаарлардын өнүгүш проблемаларын жана келечектерин шаарлардын ар бир тиби боюнча алардын калктуулугун, аткарып жаткан функцияларын, ресурстар потенциалын эске алуу менен айрым-айрым кароо керек.

## КИЧИНЕ ШААРЛАРДЫ ӨНҮКТҮРҮҮ ПРОБЛЕМАЛАРЫ ЖАНА АЛАРДЫН КЕЛЕЧЕГИ

Кичине шаарларга адатта калкы 50 миң адамдан аз шаарлардын баары кошулат.

Кичине шар — калкты жайгаштыруу системасынын элементи. Турак жерлер ортосунда эмгектин бөлүштүрүлүшүндө белгилүү функцияларды аткаруучу анын составдуу бөлүгү. Мына ошондуктан кичине шаарларды өнүктүрүү проблемаларын терең изилдебей жана алардын келечегин аныктабай туруп калкты жайгаштыруу системасын андан ары өнүктүрүү ойго да келбес иш болуп саналат. Кичине шаарларды андан ары өнүктүрүүнү өлкөнүн бардык калкынын турмуш деңгээлин тендөө, өтө өнөр жайлуу ири шаарларды жеңилдетүү ж. б. зарылдыктары да талап кылып жатат.

Кичине шаарларды өнүктүрүүнүн эң курч проблемаларынын катарында өнөр жай өндүрүшүнүн экономикалык натыйжалуулугун, көрктөндүрүлүш деңгээлин жана калктын турмуш деңгээлин жогорулатуу маселеси турат.

Советтик жана чет элдик бир катар окумуштуулардын мурда жүргүзүлгөн изилдөөлөрү тарабынан баарынан мурда кичине шаарлар үчүн мүнөздүү өнөр жай өндүрүшүнүн натыйжалуулук көрсөткүчтөрүнүн төмөндүгү кичине шаарларда өнөр жай өндүрүшүнүн жана өнөр жай ишканаларынын иштөөлөрүнүн спецификалуу шарттары менен байланыштуу экендиги аныкталган. Бул инфраструктуранын жетишсиз өнүгүшү, жумушчу күчтөрүнүн квалификациясынын, илимий жетишкендиктерди пайдаланыу деңгээлинин төмөндүгү, кооперативдик продукция иштеп чыгарууну жана технологиялык байланыштарды жүзөгө ашыруудагы кыйынчылыктар болуп саналат. Анткени буларсыз азыркы өнөр жайын өнүктүрүү ойго да келбес иш болуп калды. Буга кичине шаарлардын өнөр жай ишканаларындагы өндүрүштүк фондулардын жай жаңыртылышын, алардан бардык ресурстарды «сыгып алууну» кошуу керек, бул жалпы техникалык артта калуучулукту пайда кылат. Көп учурда өз мөөнөтүн иштеп бүткөн жабдуулары жаңы жабдуу менен эмес, «борбордук» ишканаларда реконструкциялоо процессинде өндүрүштө алынып ташталган жана өз ресурстарын иштеп бүтө элек жабдуу менен алмаштырылат. Мындан кичине шаарлардын чет жакада экени сөздүн түз да, кыйыр да маанисинде ачык көрүнүп калат. Анткени мындай чет жакада калуучулук алардын аткарып жаткан функцияларынын чектелүү экендигине байланыштуу өнүгүү деңгээлдеринин бир кылкасыздыгы менен гана эмес, ири шаарларда калктын, өндүрүштүн, тейлөө кызматынын топтолушуна көмөктөшүп жаткан илимий-техникалык революциянын шарттарында урбанизация процессинин бүтүндөй өнүгүш тенденциялары тарабынан да пайда кылынат. Буга өндүрүштү оптималдаштыруу процесстери — массалык талаптарды канааттандырууга тийиш болгон кубаттуу ишканаларды түзүү да көмөктөшөт.

Чыгарылчу өнөр жай продукциясынын татаалдыгы тынымсыз өсүп, сырье товарлары иштелип бүткөн формага келтирилерден мурда улам узак жана татаал иштетүүлөргө алынып жаткан кезде (Пивоваров, 1976) кичине шаарлардын, бөтөнчө жергиликтүү экономикалык борбордун милдетин аткарып жаткан шаарлардын үлүшүнө сырьёну алгачкы иштетүүчү борборлордун ролу улам көп ыйгарылып жатат. Продукцияны колдонууга жарактуу деңгээлге чейин иштетүү кубаттуулуктары чоң, стандарттуу же өтө унификацияланган продукцияларды массалык түрдө чыгаруучу ишканалар топтолгон кыйла ири шаарларда жүргүзүлүүдө.

Мындай кубаттуулуктагы ишканалар үчүн чала фабрикаттардын же топтоштурулган, иштетилген сырьелордун массалык түрдө берилип турушу гана эмес (муну кандайдыр бир булак жүзөгө ашырууга кудуретсиз болот), ошондой эле өнүккөн инфраструктура: транспорт, жылуулук-энергетикалык жабдуу, кошумча кызматтар, складдык жайлар( атайын жасалган сактагычтар) да талап кылынат. Булардын баарын кичине шаарлар эмгек ресурстары менен да, адегенде берилчү ири капиталдык салымдарсыз кубаттуу ишканалардын иштөөсүнүн жалпы шарттары жагынан да камсыз кылууга кудурети жетпейт.

Кичине шаарлардын баарынын экономикалык жактан өнүгүү

базасы начар, көрктөндүрүлүш деңгээли (көбүнчө кийин курулган бирин эки жаңы шаарлардан башкаларынын бардыгы) төмөн, эмгек ресурстарынын резервдери бир кыйла көп ж. б.

Изилдөөлөр тарабынан кичине шаарлардын басымдуу көпчүлүгү жай темпте өнүгөрү, бул аларда жашоочулардын, жумушчу орундарынын жана дүң продукциянын санынын жай темпте өсүшүнөн көрүнөрү да аныкталган. Бирок өнүгүүнүн бул себептерин баалоодо олуттуу айырмалуу көз караштар да болуп келген. Анткени изилдөөчүлөрдүн айрым бөлүгү өнүгүү темпинин жайлыгы шаардык турак жерлердин өсүшүнүн негизги фактору катарында жаңы өнөр жайлык курулушту жайгаштырууну пландаштырууда кетирилген жаңылыштыктардын натыйжасы десе, башкалары мунун себеби кичине шаарлардын өзүлөрүнүн табиятынан көрүшкөн, кээ бирөөлөрү ресурстар базасынын начардыгы дешкен ж. у. с.

Албетте, пландаштырууда кандайдыр бир кемчиликтер кетирилгени анык, бирок бул типтеги шаардык турак жерлердин жай өнүгүшүнө алар себеп болгон эмес. Анын себептери өнөр жайын жайгаштыруунун жана өнүктүрүүнүн айрым закон ченемдүүлүктөрүндө жана калкты жайгаштыруу системасынын өзүндө турат.

Мисалы, жаңы өнөр жай курулушу көбүнчө бул ишти жүргүзүү үчүн эң зарыл керектүү шарттары бар, башкача айтканда транспорт байланышы жакшы жолго коюлган, жумушчу күчтөрү бар, кубаттуу курулуш базасы, суу энергетикалык ресурстары, турак-жай фондусу аздыр-көптүр жетиштүү шаарларда жайгаштырылары жалпыга маалим. Эгерде өнөр жай курулушун майда шаарда куруу каралса пландаштырылып жаткан өнөр жай объектисин куруу үчүн гана эмес, ошондой эле анын нормалдуу иштеши үчүн зарыл керектүү инфраструктурага да капиталдык салымдардын көлөмү кескин өсүп, өнөр жай ишканасынын аракетке келтирилиш мөөнөтү создуктурулуп кетет, мунун өзү амортизация мөөнөттөрүнүн узарышына, капиталдык салымдардын пайдасыз калышына, обороттук капиталдын жүгүртүлүш мөөнөттөрүнүн узарышына, ишканаларды жана курулуштарды эмгек ресурстар менен камсыз кылууда кыйынчылыктарга учуроого ж. б. алып келет. Жаңы өнөр жай курулушу мына ушундай талаптарды койгондуктан, кичине жана орто шаарлардын кайсынысында болсо да жүзөгө ашырылбастан, калыптанып калган же калыптанып жаткан өнөр жай борборлорунда жүргүзүлөт. Бул коомдук эмгекти жана бюджет каражаттарын үнөмдөйт, ишкананын курулуп, иштеп жаткан ишканалардын катарына кошулушу мөөнөттөрүн кыскартат.



Мына ошентип:

— ишканалардын чоңдугу, илимий-техникалык прогресс, өндүрүштүн илимий негизде уюштурулушу чоң шаарлардын артыкчылыктары менен тыгыз байланышкан;

— шаардын экономикалык жана социалдык таасирдүүлүгү, эреже катарында, алардын өлчөмдөрүнө жараша көбөйүп отурат;

Эмгек ресурстарын толук жана рационалдуу пайдалануу проблемасы менен көрктөндүрүү проблемасы кичине шаарларды өнүктүрүү проблемаларынын ичиндеги өтө жалпы проблемалар болуп саналат. Бул эки проблема тең экономиканын чабал өнүгүүсүнүн натыйжасы болуп саналат. 60-жылдардын ортосунда республиканын кичине жана орточо шаарларында эмгек ресурстарынын орто эсеп менен 21%ти жеке көмөкчү жана үй чарбачылыгында иштеди. 70-жылдардын аягына карай бул көрүнүш бир азга жакшырды. Негизинен мындай жакшыруу Өзгөндө, Нарында, Пржевальскиде, Майлы-Сайда ж. б. шаарларда экономикалык турмуштун айрым активдешүүсүнүн эсебинен болду.

Бул корутундулар кичине шаарларды өнүктүрүүнүн зарылдыгын жана маанилүүлүгүн, алардын эл чарбачылык потенциалын көбөйтүү жана өркүндөтүү зарылдыгын жокко чыгарбайт. Анткени кичине шаарлар калкты жайгаштыруу системасынын зарыл структуралык бөлүкчөсү, өнүгүүнүн азыркы этабында анын нормалдуу иштөөсүнүн зарыл шарты болгондуктан кичине шаарларды өнүктүрүүнүн максаты кичине шаарларды орточо шаарларга, орточо шаарларды ири шаарларга сөзсүз өстүрүп чыгарууну көздөбөстөн, калкты жайгаштыруу системасында өзүлөрүнүн функцияларын алда канча так аткаруу зарылдыгына негизденүүлөрү тийиш. Калыбы, аларды өнүктүрүүдө өндүрүш же аткаруучу кызматтарынын көлөмдөрүн кеңейтүүгө караганда эмгекти райондун ичинде бөлүштүрүүгө, көрктөндүрүү деңгээлин жогорулатууга, социалдык проблемаларды чечүүгө, ресурстар потенциалын алда канча толук пайдаланууга алуу туура болсо керек. Эл чарбасын 11-беш жылдыкта өнүктүрүү планында кичине жана орточо шаарларды өнүктүрүү да баса белгиленген ойду дал ушундай мааниде түшүнүү керек.

Мындай көз караш ар бир шаардын өнүктүрүлүшүнө жекече мамиле жасоону талап кылып кичине шаарларда объективдүү мүмкүнчүлүктөрүнө карабастан эле алардын өнөр жайы жагынан өнүктүрүлүшүнө кетүүчү коомдук эмгектин өндүрүмсүз чыгымдалышын жокко чыгарат жана ошол эле убакта кичине шаардагы турмуштун сапатын төмөндөтүп жаткан тоскоолдуктарды жоюуга мүмкүнчүлүк берет.

Бул жерде көрктөндүрүү жумуштарын жана турак жай курулушун жүзөгө ашыруу, ошондой эле бүтүндөй социалдык милдеттерди чечүү үчүн каражат топтоо булагы болгон материалдык өндүрүштү түзбөй туруп кичине шаардын жогоруда айтылган кемчиликтерин кандайча жоюуга болот? — деген суроо туулат.

Бул маселеде биз кичине шаарлардын көпчүлүгүнүн ыксыз өстүрүү жолу менен эмес, алардагы ишкердик активдүүлүктү жандандыруу, көрктөндүрүү жана калктын турмуш деңгээлин жогорулатуу жолу менен өнүктүрүү зарыл жана аны ишке ашырууга мүмкүнчүлүк бар деп эсептеген окумуштуулардын көз караштарын колдойбуз. Бул үчүн көп жол бар. Материалдык өндүрүш чөйрөсүнүн өнүктүрүлүшү алардын ичиндеги бирден бир эле жол эмес. Кичине шаарларда турмуш деңгээлинин жогорулатылышы анын ичинде алардагы тейлөө кызматтарынын деңгээлин жогорулатууну да талап кылат. Шаардын өзүндө жашагандарды гана эмес, негизинен ага жамаатташ жаткан жана андан алыс жайгашкан райондордо тургандарды тейлөөгө эсептелген атайын тармакка айландырылса, кичине шаарлардын базаларында курорттук, спорттук, илимий мекемелер, окуу жайлары жана тейлөөнүн башка борборлору түзүлсө, бул кызматтар шаар түзүү базасы болуп кала алат.

Кичине шаарларды өнүктүрүү стратегиясын тандап алуу алардын жекече мүмкүнчүлүктөрүнө негизделери талашсыз, бирок ошол эле убакта ал бир катар жалпы милдеттерге жана принциптерге да таянууга тийиш. Аларга төмөнкүлөр кирет:

— кичине шаарлардагы өнөр жайлык курулуш азыркы учурда өлкөнүн экономикасынын алдына турган башкы милдеттерге жооп берүүгө тийиш;

— кичине шаарлардын өнүктүрүлүшү алар өзүлөрү турган райондун экономикасы менен өз ара тыгыз байланышта жүргүзүлүшү керек;

— кичине шаарлардын өнүктүрүлүшү алардын ресурстар потенциалына, өлкөдө калкты жайгаштыруунун бирдиктүү системасында кичине шаарлар ойноп жаткан ролго таянуусу жана ылайык келүүсү тийиш;

— алар мүмкүнчүлүк болушунча комплекстүү (социалдык-экономикалык жактан) өнүктүрүлүшү керек;

— индустриялуу формаларда жүргүзүлгөн (канаттуулар фабрикалары, жылуулук менен иштөөчү чарбалары ж. д. у. с.) айыл чарбасы, туризм, эс алуу жана ден соолукту калыбына келтирүүчү жайлар жана калкты массалык түрдө тейлөөчү башка мекемелер да кичине шаарлар үчүн шаар түзүүчү база болуп кызмат кыла алат.



Кичине шаарларды өнүктүрүү боюнча сунуштар жагынан азыркы учурда жетишпегендик жок. Бирок алардын көпчүлүгү айрым мисалдарда иштелип чыккандыктан универсал мүнөздө эмес. Мына ошондуктан республиканын майда шаарларынын проблемаларын кароону бир нече шаардын конкреттүү мисалында жүргүзөбүз.

**Нарын шаары** шаардын өнүгүшүнүн базасы катарында областтын тез өнүгүшүнө жетишүү жана өнөр жай өндүрүшү менен тейлөө кызматтарынын жалпы көлөмүнүн анчалык маанисиздигинен улам өзүнүн бюджети чектелүү болгондуктан шаарга республикалык бюджеттен бир кыйла кошумча капиталдык салымдарды берүү проблемаларын чечпей туруп өнүгө албоочу республиканын шаарларынын катарына кирет.

Нарын областы — республикада калк өтө аз жайгашкан жана чарбалык жактан аз өздөштүрүлгөн областтардын бири. Республикада орто эсеп менен калктын жыштыгы 1 км чарчы жерге 17,7 адам болсо, анда болгону 4,4 адамдан гана туура келет. Кыргызстандын бардык аймагынын 25,3%ин ээлеп турган бул областта республиканын калкынын 6,4%, айдоо аянттарынын 9,8%, анын ичинде жашылча өстүрүүнүн — 0,4% картошканын — 1,4%, дан эгиндеринникинин — 3,5%, тоют өсүмдүктөрүнүн — 15,8% жайгашкан. Алардан алынчу түшүмдөр мындан да аз. Анткени мындагы айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү климаттык шарттардын салыштырма катаалдыгынын жана кыртыштын асылдуулугунун төмөндүгүнүн кесепетинен республикалык орточо көрсөткүчтөрдөн алда канча төмөн. Областтын чарбасы эт жана жүн берүүнүн башкы району болуп саналат.

Шаардын өнүгүшүнүн артта калып жатышына таасир эткен себептер ушулар эле эмес. Ага калктын топ-топ болуп, бири-бири менен жана республиканын башка бөлүгү менен начар байланышкан тоолор ортосундагы өрөөндөрдө аз санда жашоолору да ага кедерги болууда. Бул областтык айыл-кыштактык райондорго карата алардын социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүүсүн башкаруучу ролунун мүмкүнчүлүктөрүн чектеп, калк жайгашкан чет жакадагы очоктор менен керектүү байланыштарды жүзөгө ашыруусун кыйындатып турат.

Айрым авторлор шаардын өнүгүшүнүн келечеги жөнүндө айтып келип, ал өнүгүүнүн базасы катарында областтын ар түрдүү минерал-сырьелук жана жылуулук энергетикалык ресурстарынын байлыгына көңүл бурушат. Мында Кара-Кеченин көмүрүн, Сандыктагы нефелиндүү сиенит кендерин, Орто-Токой акиташын, Кичи-Көл сульфат-натрий туздарын жана Суусамыр-Көкөмерен сууларында курулчу ГЭС каскаддарынын арзан энергиясын пайдаланууга таянышат. Жалпысынан алганда биз да

бул көз карашка кошулуп, мына ушул ресурстарды өздөштүрүү толук мүмкүн деп эсептейбиз.

Бизге областты жана шаарды өнүктүрүүнүн төмөнкүдөй схемасы алда канча реалдуу болуп көрүнөт: айыл чарбасынын башкы тамыры — мал чарбачылыгын жогору өнүктүрүүдөн тышкары чет элдик туристтерди тартуу менен рекреакциялык ресурстарды кеңири пайдалануу, жапайы айбанаттарды көбөйтүү жана аларга аңчылык кылуу үчүн чет элдик туристтерге лицензияларды сатуу, улуттук кол өнөрчүлүк буюмдарын чыгарууну өнүктүрүү; темир-бетон конструкцияларын, имараттарга капталчу материалдарды (бул жагынан область чоң мүмкүнчүлүктөргө ээ, анткени анда граниттин, мрамордун, акиташтын ж. б. чоң кендери бар) өндүрүүнү кеңейтүү эсебинен курулуш базасын чыңдоо жана акырында азыр иштеп жаткан өнөр жай ишканаларынын кубаттуулуктарын кеңейтүү керек.

Алгачкы кездерде булардын баары капиталдык салымдарды талап кылбайт жана өнөр жайынын да, айыл чарбасынын да продукцияларын керектөөдө ички рыноктун сыйымдуулугун тез кеңейтет, республиканын башка райондору менен областтын өнүгүү деңгээлин теңдөө процесстерин тездетет.

Жергиликтүү өнөр жайынын (тамак-аш, жеңил өнөр жайы) ишканаларын өнүктүрүү жөнүндөгү маселеге келсек, анда азыр иштеп жаткан кубаттуулуктарды кеңейтүү керектиги тууралуу «Проблемы развития...» (1972) деген эмгектин авторлорунун сунуштарына макул болуу керек. Анткени мындай кеңейтүү күндөлүк керектелчү товарларга жергиликтүү калктын керектөөлөрүн гана канааттандырбастан шаардын эмгек ресурстарынын эмгекке тартылуу деңгээлин да жогорулатат, анда жашоочулардын эмгектик жана саясий активдүүлүгүнүн өсүшүнө көмөктөшөт.

**Талас шаары** — Талас областынын административдик борбору. 1979-жылы бул шаарда өрөөндөгү калктын бир аз гана бөлүгү жашаган. Шаар өрөөндүн өзүндө ыңгайлуу борбордук орунду ээлеп турат. Бирок анын республиканын башка райондору менен темир жолу аркылуу байланышы жок. Болгону өрөөндү түштүк-чыгышынан түндүк-батышына карай бир гана автомобиль магистралы кесип өтөт. Чыгышынан ал Фрунзе-Ош автомобиль магистралына, түндүк-батышынан Фрунзе—Жамбул—Ташкент автомобиль магистралына барып кошулат.

Талас өрөөнү республиканын бардык аянттарынын 5,7%, калкынын 4,6% гана түзөт. Шаар калкынын салыштырма салмагы улам акырындап азайып баратат (мисалы, 1965-жылы 4,7%, 1959-жылы 5,0%); калктын 1 чарчы километр жердеги жыштыгы 14,3 адамды түзөт.



Мына ошентип бул да Нарын областы сыяктуу ичкериде жайгашпаса да республиканын калк салыштырма аз жайгашкан аймагы болуп саналат. Анын кыртыш-климаттык шарттары да алда канча ыңгайлуу келип, жогорку дыйканчылык маданияты алда качан эле түзүлгөн.

Талас областында иштетилүүчү кыйла жерлер бар. Алардын аянттары дээрлик Нарын областынын иштетилүүчү жерлерине барабар. Бүтүндөй алганда айыл чарбасына жарактуу жерлер өрөөндүн бардык жерлеринин 60% жакынын түзөт. Бирок алардын 84% мезгилге жараша пайдаланылчу жайыттар, 13,5% — айдоо жерлери, 0,2% тоо токойлору, 1,5% караган-бадал өскөн жерлер.

Айдоо аянттарында дан эгиндери, тамеки, тоют чөптөрү, жашылча-бакча өсүмдүктөрү өстүрүлөт. Мал чарбачылыгы өнүккөн.

Минерал-сырье базасынын аздыгы шаарда өнөр жайынын өнүгүшүн чектеп турат. Өнөр жайы деле чынында агро-өнөр жай комплексинин бир бөлүгү болуп, айыл чарба продукцияларын керектөөгө жарактуу деңгээлге чейин даярдоо же узак убакыт бою сактоого ыңгайлаштыруу процессин гана аяктайт, болбосо айыл чарбасын зарыл керектүү механикалаштыруу каражаттары менен камсыз кылат. Өрөөндө республикада өстүрүлүүчү бардык тамекинин 1/4 бөлүгү айдалат, республикадагы кой-эчкилердин 11%, бодо малдын — 7%, жылкылардын — 14% багылат. Ал республикадагы эт, сүт, эгин өндүрүүчү ири район болуп саналат. Шаардагы өнөр жай өндүрүшүнүн азыркы кездеги структурасын дал мына ушул жагдай аныктаган.

Шаардын өнөр жайынын дүң продукциясынын наркы жылына 20—25 миллион сомду түзөт. Анда 2,2 миңге жакын адам иштейт, же орто эсеп менен ар бир ишканага 60—70 жумушчу (турмуш-тиричилик жагынан тейлөөчү ишканаларда жана жүк ташуучу транспортто иштегендерди да кошкондо) туура келет. Өнөр жай ишканаларынын ичинен дүң продукциясынын наркы жагынан тамак-аш өнөр жайынын ишканаларына биринчи орун таандык. Андан соң жеңил өнөр жайы, металл иштетүүчү жана курулуш материалдарын чыгаруучу ишканалар турат.

Мына ошентип, шаарда негизинен курулуш материалдарына, механикалаштыруу каражаттарына, тамак-аш продукцияларына, жекече керектөө буюмдарына болгон жергиликтүү керектөөлөрдү канааттандырууга эсептелген өнөр жайынын майда ишканалары басымдуулук кылат. Муну менен бирге айыл чарба өндүрүшү менен да түздөн түз байланышын үзө элек. Шаардын ичинде Ленин атындагы ири колхоз бар. Анын өндүрүштүк бригадаларында шаардыктардын кыйла бөлүгү иштейт.

Шаарда өнөр жай өндүрүшүнүн салыштырма жогору дифференцияланышы бардык курактагы жана жыныстагы эмгек ресурстарынын эмгекке тартылыш деңгээлине жагымдуу таасир этип жатат. Анткени азыр шаарда аз тармактар боюнча адистешкен шаарлар үчүн мүнөздүү эмгекке көбүнчө эркектер же аялдар тартылып калган «бир жактуулук» жок экенин баса белгилей кетүү керек. Бул жагынан Талас шаары өрөөндөгү селолук райондорго экономикалык борбор болуп турганы менен милдеттүү. Областтын административдик борбору катары анын соода-бөлүштүрүүчүлүк, өнөр жайлык, маданий ролу (өнөр жайынын өнүгүшүнө байланыштуу) өстү. Бул анын калкынын санынын өсүү темпине таасир этти. Алсак, ал 1966-жылдан 1979-жылга чейин 39,6% өстү. Бирок анда жашоочулардын санынын дүркүрөп өсүшү 1970-жылга чейин гана уланды. Мындан кийин ал кескин төмөндөп, кийинки он жылдын ичинде (1970—1979) бул жагынан өсүш 8,9% гана түздү. Ал эми шаарда жашоочулардын санынын мына ушул өсүшү да шаарды көрктөндүрүү жана анда азыркы учурдагы турак-жай шарттарын түзүү мүмкүнчүлүктөрүнөн алда канча озуп кетип жатат. Мисалы, 70-жылдардын ортосунда шаардагы 204,9 миң чарчы метр турак-жай фондусунун 154,5 миң чарчы метри граждандардын менчик үйлөрү болгон. Алар да бир кабат эски типтеги үйлөр. Алсак, салыштырмалуу ыңгайлуулуктары бар фондудагы аянттар ошол мезгилде 16,1% түзгөн. Ал эми бардык ыңгайлуулуктары бар (ваннасы, суусу, борборлоштурулган жылыткычы, канализациясы, телефону) квартиралардын салыштырма салмагы жалпы турак жай фондусунун 6% жакынын гана түзгөн.

Мына ошентип шаардык чарбаны өнүктүрүү, турак жай фондусун жана шаардын өзүн жакшыртуу, жаңы турак жай курулушун кеңейтүү шаардын жакынкы учурда чечүүнү күтүп турган эң маанилүү милдети болуп саналат.

Шаарды өнүктүрүү пландарында курчап турган чөйрөнү коргоо проблемасы бөтөнчө орун алууга тийиш. Анткени шаарда өнөр жай ишканаларынан пайдаланып чыккан сууларды тазалоочу азыркы кездеги курулуштар түгүл, борборлоштурулган канализация системасы да жок.

Экинчи милдет — өрөөндү республиканын башка бөлүктөрү менен байланыштырып турган автомобиль магистралдарын кеңейтүү жана сапатын жакшыртуу.

Шаардын келечекте өнүгүшүн баалоодо төмөнкүдөй жагдайлар:

а) «Кыргызстандын кичине шаарларында өнөр жайынын өнүгүшүнүн проблемаларынын» авторлорунун тажрыйбасы;



б) айыл чарба продуктыларын өндүрүү көлөмдөрүн көбөйтүү темптери;

в) республикада урбанизация процесстеринин өнүгүшүнүн темптери;

г) ресурстар потенциалы жана Талас өрөөнүндө калкты жайгаштыруунун калыптанган системасынын муктаждыктары эске алынды.

Бул маселени мурда изилдегендердин тажрыйбасы буга төмөнкүдөй фактыны, кичине шаарлардын, бул жерде Талас шаарынын өнүгүү процессинин татаалдыгы зарыл керектүү жумушчу орундарын түзүү үчүн жетиштүү бош эмгек ресурстары, зарыл керектүү капиталдык салымдар менен шаарда жашагандардын жалпы санынын өсүш темптеринин ортосундагы жөнөкөйлөштүрүлгөн көз карандылык байланышына негизделген методикалык эсептөөлөрдүн чегине сыйбай тургандыгын аныктоого жардам берди. Калктын санынын жана шаардын эмгек ресурстарынын өсүшүн эсептөөдөгү чоң жаңылыштыктарга мына ушул көз карандылык байланышты жөнөкөйлөштүрүп кароо алып келген. «Жогоруда айтылган эмгектин» авторлорунун ырастоолоруна караганда азыр иштеп жаткан ишканалардын кубаттуулуктарын кеңейтүү жана жаңы ишканаларды (эт комбинаттары, темир бетон буюмдарын, кирпич, мал чарба фермаларын механикалаштыруу машиналарын жасоочу заводдор) куруу 1980-жылга карай эмгек ресурстарынын санынын, бир кыйла өсүшүн камсыз кылат эле. Иш жүзүндө кийинки 10 жылдын (1970—1979) ичинде калктын санынын бардык өсүшү да болжолдонгон санга жетпей калган.

Мына ошентип шаардын өсүшү тышкы чөйрөнүн жана шаардын өзүнүн ички факторлору менен закон ченемдүүлүктөрүнүн таасири астында болору белгилүү. Биринчи учурда өсүш, тышкы чөйрө шаардык тейлөөлөргө суроосун көбөйткөндө (бул шаардын ишканаларында кайрадан иштетүү үчүн сырьелорду жөнөтүүнүн өсүшүнө, белгилүү кесиптеги квалификациялуу кадрларга керектөөлөрдүн, илимий, маданий, турмуш-тиричилик жактан тейлөөлөргө муктаждыктардын өсүшүнө байланыштуу болушу мүмкүн), экинчиден, материалдык өндүрүш эмес чөйрөдө жана бир аздап материалдык өндүрүштө да иштеп жаткандардын санын көбөйтүп, шаар өз керектөөлөрүн (ыңгайлуу турак жайга, мектеп жашына чейинки балдар мекемелерине, шаар транспортуна, соодага, медициналык тейлөөгө д. у. с.) өзү канааттандыруу боюнча функцияларын кеңейткенде гана жүзөгө ашат.

Тышкы чөйрөнүн шаарга таасир этүү мүмкүнчүлүктөрү азырынча чектелүү. Анткени айыл чарба продукцияларын кайра

3—1501

иштетүү боюнча шаардын ишканаларынын, кубаттуулуктарынын өсүшү продуктыларды массалуу берип турууга жана продукты берүү аймактын кеңейишине байланыштуу жоготуулар аларды иштетүү боюнча кубаттуулуктарды, топтоштурууда алынчу пайдадан ашып кеткенде жана анын натыйжасында айыл чарба сырьелорун, өзгөчө алардын тез бузулуп кетчүлөрүн кайрадан иштетүүчү жаңы борбор пайда болгон белгилүү бир чектерде гана жүзөгө ашат.

Экинчи чектелүүнү шаардын минерал-сырье базасынын тартыштыгы пайда кылат. Азыркы технологиянын шартында курулуш материалдары жана пириттер гана аздыр-көптүр пайдаланылышы мүмкүн. Бирок гранит, мрамор, акиташ сыяктуу курулуш материалдары традицияга байланыштуу гана эмес, климаттык шарттарынын бөтөнчөлүктөрүнө байланыштуу да курулушта дээрлик колдонулбайт. Аларды башка райондорго ташып чыгарууга темир жол транспортунун жана жогорку класстагы автомобиль магистралынын жоктугу мүмкүнчүлүк бербейт.

Мына ошентип өнүгүүнү чектеген үчүнчү бир себеп-транспорттун мүмкүнчүлүктөрүнүн чектелиши келип чыгат.

Демек, шаардын өнүгүшүндө материалдык өндүрүштүн ролу начар болгондуктан, анын өнөр жай борбору катарында өнүгүшү талаш-тартыштуу. Материалдык өндүрүш эмес чөйрөсүнүн өнүгүү мүмкүнчүлүктөрү да чектелүү. Албетте, жаңы 1—2 кесипчилик-техникалык окуу жайынын, Талас областындагы ортоңку звенодогу айыл чарба адистеринин (бригадирлердин, ферма башчыларынын д. у. с.) квалификациясын жогорулатуучу 1—2 борбордун ачылышы толук реалдуу. Бирок бул борборду илимий жана өндүрүштүк базасы чың ири шаарларда ачуу максатка ылайыктуу. Туристтердин көп келишин күтүү деле анчалык ынандырарлык эмес. Себеби өрөөндүн өзүндө рекреациялык ресурстар чектелүү. Ал эми Талас кырка тоосу менен Чаткал өрөөнүнүн мындай ресурстарын Талас шаарында эмес, ошол кырка тоонун этегинде же анын капчыгайларынын биринде жайгашкан Беш-Таш сыяктуу таяныч пункттары аркылуу пайдалануу ыңгайлуу болот.

Шаардын эл чарбасын өнүктүрүү, анын функцияларын кеңейтүү мүмкүнчүлүктөрүнүн чектелгендиги шаарды көрктөндүрүү ишинин өсүшүнө тоскоол болбоосу керек. Бүткүл калктын керектөөлөрүн канааттандырууда бир теңдүү мүмкүнчүлүктөргө, жашоонун жана эмгектин бирдей шарттарына жетишүү биздин коомдун эң негизги милдеттеринин бири болуп саналат. Мына ошондуктан шаарды көрктөндүрүү маселесинин чечилиши жакын арада шаардын алдында турган эң маанилүү милдети болуп саналат.



## ЧОҢ ЖАНА ИРИ ШААРЛАРДЫН ӨНҮГҮШ ПРОБЛЕМАЛАРЫ ЖАНА КЕЛЕЧЕГИ

Шаарлардын өнүгүшүнүн бардык учуру, биздин коомдун экономикалык, социалдык жана маданий турмушунда алардын ролунун күчөшү келечек шаарларга таандык экенин көрсөтүп турат. Буга эч ким шектенбейт. Чоң жана ири шаарлардын артыкчылыктары алардагы эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн жогорулугунан, кесип тандоо мүмкүнчүлүктөрүнүн кеңирилигинен, социалдык өзгөрүүлөрүнөн, байланыштарынан, жаңы өнөр жай курулушуна капиталдык салымдардын аз берилишинен, илимий кубаттуу базасынан, өндүрүштүк алдыңкы иш тажрыйба алмашуу жана илимий-техникалык прогресстин натыйжаларын өндүрүшкө кийрүү мүмкүнчүлүктөрүнөн д. у. с. ачык көрүнүп турат.

Албетте, чоң шаарлардын да проблемалары бар. Шаар канчалык ири болсо, анын проблемалары да ошончолук татаал болот. Алардын арасында жашоо чөйрөсүнүн начарлоосу, шаар транспортунун ичтөө проблемалары, пландаштыруу структурасынын проблемалары, маятниктик катташуунун өсүшү да бар.

Биздин оюбузча ири шаарлар биз алардын өсүшүн чектебей тургандыктан эмес, региондун картасындагы алардын ээлеп турган абалынын, алардын өзүлөрүнүн ресурстар потенциалынын жана алда канча алыс турган райондордун ресурстарын пайдалануу мүмкүнчүлүктөрүнүн, «тартуу күчүнүн» натыйжасында, өндүрүмсүз чыгымдарды салыштырмалуу аз жумшоону шарттаган, алардын тез өсүшүн камсыз кылган функцияларынан улам ири шаарларга айланып жатат. Демек, бул чынында эле ушундай болсо, алардын өнүгүшүнө чек коюунун ар кандай формасы (ресурстар менен камсыз кылынбаган кичине шаардын өсүшүн стимулдаштыруунун ар кандай формасы сыяктуу эле) коомдук эмгектин өндүрүмсүз чыгымдалышына алып келет.

Биз, ири шаарлардын өсүшүн солгундатуу боюнча чаралардын натыйжасыздыгынын себептерин мына ушул маселени изилдөөчүлөрдүн ири шаарлардын проблемаларына көңүлдөрүн көп буруп, ошол проблемаларды чечтетүүнүн ордуна шаардын өсүшүн токтотуп коюуга аракеттенип жатышкандыгы менен түшүндүрөбүз.

Азыркы кезде (80-жылдардын башында) бул проблемаларды чечүүгө жана ири шаарлардын өсүшү менен алардын проблемаларынын ортосундагы өз ара байланыш себеп-натыйжаларын изилдөөгө конструктивдүү мамиле жасоо байкала баштады. Ошентип шаарлардагы терс көрүнүштөргө каршы күрөшүүдө «аларда жаңы өнөр жай ишканаларын жайгаштырууну токто-

иштетүү боюнча шаардын ишканаларынын, кубаттуулуктарынын өсүшү продуктыларды массалуу берип турууга жана продукты берүү аймактын кеңейишине байланыштуу жоготуулар аларды иштетүү боюнча кубаттуулуктарды, топтоштурууда алынчу пайдадан ашып кеткенде жана анын натыйжасында айыл чарба сырьелорун, өзгөчө алардын тез бузулуп кетчүлөрүн кайрадан иштетүүчү жаңы борбор пайда болгон белгилүү бир чектерде гана жүзөгө ашат.

Экинчи чектелүүнү шаардын минерал-сырье базасынын тартыштыгы пайда кылат. Азыркы технологиянын шартында курулуш материалдары жана пириттер гана аздыр-көптүр пайдаланылышы мүмкүн. Бирок гранит, мрамор, акиташ сыяктуу курулуш материалдары традицияга байланыштуу гана эмес, климаттык шарттарынын бөтөнчөлүктөрүнө байланыштуу да курулушта дээрлик колдонулбайт. Аларды башка райондорго ташып чыгарууга темир жол транспортунун жана жогорку класстагы автомобиль магистралынын жоктугу мүмкүнчүлүк бербейт.

Мына ошентип өнүгүүнү чектеген үчүнчү бир себеп-транспорттун мүмкүнчүлүктөрүнүн чектелиши келип чыгат.

Демек, шаардын өнүгүшүндө материалдык өндүрүштүн ролу начар болгондуктан, анын өнөр жай борбору катарында өнүгүшү талаш-тартыштуу. Материалдык өндүрүш эмес чөйрөсүнүн өнүгүү мүмкүнчүлүктөрү да чектелүү. Албетте, жаңы 1—2 кесипчилик-техникалык окуу жайынын, Талас областындагы ортоңку звенодогу айыл чарба адистеринин (бригадирлердин, ферма башчыларынын д. у. с.) квалификациясын жогорулатуучу 1—2 борбордун ачылышы толук реалдуу. Бирок бул борборду илимий жана өндүрүштүк базасы чың ири шаарларда ачуу максатка ылайыктуу. Туристтердин көп келишин күтүү деле анчалык ынандыраарлык эмес. Себеби өрөөндүн өзүндө рекреациялык ресурстар чектелүү. Ал эми Талас кырка тоосу менен Чаткал өрөөнүнүн мындай ресурстарын Талас шаарында эмес, ошол кырка тоонун этегинде же анын капчыгайларынын биринде жайгашкан Беш-Таш сыяктуу таяныч пункттары аркылуу пайдалануу ыңгайлуу болот.

Шаардын эл чарбасын өнүктүрүү, анын функцияларын кеңейтүү мүмкүнчүлүктөрүнүн чектелгендиги шаарды көрктөндүрүү ишинин өсүшүнө тоскоол болбоосу керек. Бүткүл калктын керектөөлөрүн канаттандырууда бир теңдүү мүмкүнчүлүктөргө, жашоонун жана эмгектин бирдей шарттарына жетишүү биздин коомдун эң негизги милдеттеринин бири болуп саналат. Мына ошондуктан шаарды көрктөндүрүү маселесинин чечилиши жакын арада шаардын алдында турган эң маанилүү милдети болуп саналат.



## ЧОҢ ЖАНА ИРИ ШААРЛАРДЫН ӨНҮГҮШ ПРОБЛЕМАЛАРЫ ЖАНА КЕЛЕЧЕГИ

Шаарлардын өнүгүшүнүн бардык учуру, биздин коомдун экономикалык, социалдык жана маданий турмушунда алардын ролунун күчөшү келечек шаарларга таандык экенин көрсөтүп турат. Буга эч ким шектенбейт. Чоң жана ири шаарлардын артыкчылыктары алардагы эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн жогорулугунан, кесип тандоо мүмкүнчүлүктөрүнүн кеңирилигинен, социалдык өзгөрүүлөрүнөн, байланыштарынан, жаңы өнөр жай курулушуна капиталдык салымдардын аз берилишинен, илимий кубаттуу базасынан, өндүрүштүк алдыңкы иш тажрыйба алмашуу жана илимий-техникалык прогресстин натыйжаларын өндүрүшкө киргизүү мүмкүнчүлүктөрүнөн д. у. с. ачык көрүнүп турат.

Албетте, чоң шаарлардын да проблемалары бар. Шаар канчалык ири болсо, анын проблемалары да ошончолук татаал болот. Алардын арасында жашоо чөйрөсүнүн начарлоосу, шаар транспортунун иштөө проблемалары, пландаштыруу структурасынын проблемалары, маятниктик катташуунун өсүшү да бар.

Биздин оюбузча ири шаарлар биз алардын өсүшүн чектебей тургандыктан эмес, региондун картасындагы алардын ээлеп турган абалынын, алардын өзүлөрүнүн ресурстар потенциалынын жана алда канча алыс турган райондордун ресурстарын пайдалануу мүмкүнчүлүктөрүнүн, «тартуу күчүнүн» натыйжасында, өндүрүмсүз чыгымдарды салыштырмалуу аз жумшоону шарттаган, алардын тез өсүшүн камсыз кылган функцияларынан улам ири шаарларга айланып жатат. Демек, бул чынында эле ушундай болсо, алардын өнүгүшүнө чек коюунун ар кандай формасы (ресурстар менен камсыз кылынбаган кичине шаардын өсүшүн стимулдаштыруунун ар кандай формасы сыяктуу эле) коомдук эмгектин өндүрүмсүз чыгымдалышына алып келет.

Биз, ири шаарлардын өсүшүн солгундатуу боюнча чаралардын натыйжасыздыгынын себептерин мына ушул маселени изилдөөчүлөрдүн ири шаарлардын проблемаларына көңүлдөрүн көп буруп, ошол проблемаларды чечтетүүнүн ордуна шаардын өсүшүн токтотуп коюуга аракеттенип жатышкандыгы менен түшүндүрөбүз.

Азыркы кезде (80-жылдардын башында) бул проблемаларды чечүүгө жана ири шаарлардын өсүшү менен алардын проблемаларынын ортосундагы өз ара байланыш себеп-натыйжаларын изилдөөгө конструктивдүү мамиле жасоо байкала баштады. Ошентип шаарлардагы терс көрүнүштөргө каршы күрөшүүдө «аларда жаңы өнөр жай ишканаларын жайгаштырууну токто-

туу, зыяндуу ишканаларды алардан чыгарып кетүү жана аларда жашоочулардын санынын өсүшүн кармап туруу» аркылуу жүзөгө ашыруу керек деген ырастоолор менен бир убакта «шаардын чарбасынын комплекстүүлүгүн жогорулатуу анын пропорцияларын өркүндөтүү жана негизги өндүрүштөрү менен көмөкчү жана тейлөөчү өндүрүштөрүнүн ортосундагы өз ара байланыштарды күчөтүү...» зарылдыгы баса белгиленип жатат.

1979-жылы Кыргызстанда Фрунзе, Ош шаарларында республиканын шаардык калкынын 51,3%, бардык өнөр жай ишканаларынын үчтөн бир бөлүгү, дүң продукциянын жана өнөр жай өндүрүш кызматкерлеринин 60%, бардык өнөр жай өндүрүштүк фондуларынын 50% туура келди. Анын үстүнө шаардык калктын жалпы санында бул шаарлардын салыштырма салмагы акырындап жогорулап жатат. Алсак, анын салыштырма салмагы 1976-жылдан 1979-жылга чейин 50%тен 51,3%ке чейин өскөн. Бирок булар өтө ар башка шаарлар, андыктан алардын проблемаларын да ар башка талдоо керек.

**Ош шаары** — чоңдугу жагынан республиканын экинчи шаары. 1979-жылы анда 168,2 миң адам жашаган. Ал Фрунзеге караганда алда канча эски шаар экендигине карабастан анын калкынын саны Фрунзе шаарынын калкынан 3,2 эсеге аз жана өндүргөн өнөр жай продукцияларынын наркы жагынан 7 эсе төмөн турат. Ош — кылымдардын кыйырын баскан шаар. Бул үчүн бир эле мисал айтсак жетиштүү. X кылымда эле Ош чоңдугу жагынан Фергана өрөөнүндөгү үчүнчү шаар болгон.

Ош — Ош областынын административдик, чарбалык жана маданий борбору. Ал Фергана өрөөнүнүн түштүк-чыгыш бөлүгүндө, Алай кырка тоосунун этегинде, Ак-Буура суусунун боюнда жайгашкан. Республиканын борборунан 500 км алыстыкта турат. Бул ири шаардын пайда болушу үчүн жетиштүү аралык. Бул жагынан алганда Ош шаарынын экономика-географиялык абалын ыңгайлуу деп эсептөөгө болот. Анын экономика-географиялык абалынын ыңгайлуулугуна Орто-Азиядагы кара металлургия борборуна (Бекабад), Кыргызстандын көмүр чыгуучу жерлерине (Кызыл-Кыя, Көк-Жаңгак, Сүлүктү, Таш-Көмүр), нефть жана табигый газ алынуучу (Кочкор-Ата, Майлы-Сай, Избаскент, Көк-Таш), түстүү жана сейрек учуроочу металлдар алынып иштетилчү (Хайдаркан, Чаувай, Фрунзе, Кадамжай) борборлорго, Фергана өрөөнүнүн кеңири сугат талааларына, Фергана, Алай, Түркстан кырка тоолорунун рекреациялык ресурстарына, көп сандаган суулардын (Ак-Буура, Кара-Дарыя ж. б.) гидроэнергетикалык ресурстарына жакын жайгашкандыгын да кошо кетүү керек.



Бирок Ош шаарынын абалында анын өнүгүшүн тартаалдантказ терс жактар да бар. Алсак, Ош шаарын Фергана өрөөнүнүн жана өлкөнүн шаарлары менен байланыштырган темир жолдун транспорттук мааниси төмөн. Айдоо аянттары Алай жана Фергана кырка тоолорунун этегин жээктей жайгашып, Фергана өрөөнүнүн Кыргызстандагы бөлүгүнө келгенде кууш тартып кетет. Шаардын чек арага жакын турушу да анын өсүшүн артка тарткан фактор болуп саналат, анткени анын өнүгүшүн пландаштыруу республиканын аймагы менен гана айкалыштырып, шаарды эмгектин республиканын ич арасында бөлүштүрүлүшүнө катыштырууга гана багыттайт. Шаарды республикалар аралык экономикалык жана өндүрүштүк байланыштарга тартуу, сөзсүз, шаардын өнүгүшүн стимулдаштыруучу кошумча фактор болуп кызмат кылмак. Акырында курулуш жүргүзүлүүчү аянтынын тардыгы шаардын өсүшүн чектеген негизги себеп болуп саналат. Анткени курулуш түшүүчү аянттары түштүгүнөн жана түштүк-чыгышынан Алай кырка тоосунун адырлары менен чектелип, шаарды эң баалуу сугат жерлерге түшүүгө аргасыз кылып жатат. Бул ансыз да жетишсиз сугат жерлерин ого бетер азайтып жиберүүдө. Шаардын өзүндө курулуш жүргүзүүгө жарактуу жер резервдери (шаардын түндүк-чыгыш тарабы — 27 га) чектелүү. Адырларда курулуш иштерин жүргүзүү жер катмарынын ылайыксыздыгынан жана курулуш аянттарын даярдоого кетчү кошумча чыгымдарды талап кылгандыктан шаардын мындан ары кеңейиши бир кабат үйлөрдү бузуп көп кабат үйлөрдү тургузуу, же шаардын чыгыш тарабындагы 20 км ге созулган жаңы аянттарда (Кара-Суу шаары тарапта), же Кыргызстандын Фергана боюндагы асыл топурактуу (Ош—Кара-Суу оазисинде Кыргызстандагы бардык пахта аянттарынын 30% жакыны топтолгон) жерлерин ээлөөнү улантуу аркылуу жүргүзүлүшү мүмкүн. Мына ушуга байланыштуу өнөр жай жана турак жай курулуштарын түшүрүү үчүн адырларды кеңири өздөштүрүүнүн илимий жолун (сейсмикалуулугу 9 баллга барабар болгон жана катмарынын чөгүшүн эске алган) издөөнүн кеңейтүү зарылдыгы келип чыгып жатат.

Шаардын өнөр жайлык өнүгүшүндө анын түстүү металлургия борборлоруна жакындыгынын таасири али тие элек. Шаар менен алардын ортосунда өндүрүштүк байланыштар жок. Өз кубаттуулугунун начарлыгынан шаардын өнүгүшүнө Бекабад металлургия заводу да болор-болбос гана таасир тийгизип жатат. Анын таасири курулуш конструкцияларын жана темир-бетон буюмдарын жасоо үчүн металл жөнөтүп туруу менен гана чектелип калууда. Заводдун азыркы кубаттуулугунун түшүнда ал байланыштарды да кеңейтүүгө мүмкүн эмес.

Мына ошентип, Ош шаарынын чет жакаларындагы кеңири табигый ресурстарынын ичинен айыл чарба, отун-энергетика жана курулуш ресурстары гана кеңири пайдаланылып жатат.

Дал мына ошондуктан анын көптөгөн өнөр жай ишканаларынын үчтөн эки бөлүгү жергиликтүү сырье базасында пайда болгон тамак-аш жана жеңил өнөр жай ишканалары болуп саналат. Ушундан улам шаардын өнүгүш темпи айыл чарба өндүрүшүнүн темпи канчалык күчөшүнө жараша болот. Бизге шаардын өсүшүн болжолдоодогу каталыктар (жогорку көрсөткүчтөр) негизинен жергиликтүү айыл чарба сырьелук базасын өнүктүрүүдө анын ролун баалоодогу жаңылыштыктарга байланыштуудай көрүнөт. Алсак, жергиликтүү пландоочу органдардын эсептөөлөрү боюнча 1981-жылы шаардагы калктын саны 200 миңге жетиши керек эле, ал эми иш жүзүндө (биздин эсептөөлөр боюнча) анда 172 миңден ашпаган адам жашап жатат.

Шаарда жашоочулардын санынын кыймылындагы мындай бир кызыктуу көрүнүштү белгилей кетүү керек. Эгерде 1939-жылдан 1959-жылга чейинки аралыкта өсүү коэффициенти (жашоочулардын жалпы санына карата бул өсүштүн катышы) 0,95 болсо, 1959-жылдан 1979-жылга чейинки мезгилде — 1,57, экинчи мезгилдеги (1959—1979) абсолюттук өсүш биринчи мезгилдегиге (1939—1959) караганда 3,2 эсе көп болду. Анткен менен кийинки он жылда (1970—1979) жашоочулардын санынын өсүш темпи сезилерлик төмөндөп кеткен. Мисалы, 1959—1970-жылдары орточо жылдык өсүш 5,5 миң адамды түзсө, 1970—1979-жылдары 4,8 миң гана адам болгон. Бул республикадагы урбанизация темпинин жалпы төмөндөө тенденциясына ылайык келет.

Буга байланыштуу мындай бир катар суроолор туулат: шаардын өсүш темпинин төмөндөп кетиши жөнүндө маселе козгоого болобу? Азыркы кезде шаарды кыйла жогорку темпте өстүрүүнүн кереги барбы? Анын кыйла жогорку темпте өсүшү андагы проблемалардын, баарынан мурда ансыз деле жетиштүү даражада курчуган турак жай проблемасынын зарылдыгына алып келбейби?

Азыркы учурда эле шаардын бир катар ишканаларында ага жанаша жайгашкан селолордон адамдар күнүнө келип-кетип иштешет. Бул жөнүндө шаардын ишканаларына жанаша жайгашкан кыштактардан келип иштеп жатышкандардын санынын кыйла көптүгү гана эмес, ошондой эле эмгек ресурстарынын коомдук өндүрүшкө тартылуу деңгээлинин жогорулугу да билдирип турат, ал дээрлик 97% жетет. Бул республика боюнча орточо көрсөткүчтөн алда канча жогору.



Түзүлгөн мындай жагдайда шаарда өнөр жай курулушун[1] төмөнкүдөй эки шарт болгондо: турак жайын куруу темпин тездеткенде жана өзүнө жанаша жайгашкан селолук жана шаардык турак жай жерлер (Араван, Кара-Суу ж. б.) менен шаардын эмгектик байланышын кеңейткенде гана жүргүзүүгө мүмкүн. Бул шарттардын тигинисин да, мунусун да сактоо кыйла кошумча капиталдык салымдарды талап кылат.

Мына ошентип, 11-беш жылдыкта шаарды көрктөндүрүүгө жана баарыдан мурда анын турак жай фондусун кеңейтүүгө каражатты мүмкүн болушунча көп берип, андан калгандарын азыр иштеп жаткан ишканаларды техникалык жактан реконструкциялоого, автоматтык линияларды жана адам эмгегин үнөмдөөчү башка формаларды түзүүгө жумшоого болот.

**Фрунзе шаары.** Ар кандай шаарды изилдөө аны курчап турган аймакты изилдөөсүз анчалык негиздүү болбостугун жогоруда баса белгилеп кеттик. Анткени шаар ошол өзүн курчап турган аймактан, алар менен болгон байланыштарынан улам өсүп чыгат жана чынында ошол аймактын башкарууга, продукцияларды иштеп чыгууга, кадрларды даярдоого д. у. с. керектөөлөрүнүн жүзөгө ашырылышынын натыйжасы болуп саналат. Дал ошондуктан өзүнүн административдик аймагынан алда качан эле өсүп чыгып, иш жүзүндө Чүй өрөөнүн (Кыргыз ССРинин чегиндеги) кучагына камтыган кеңири агломерациянын уюткусу болуп калган Фрунзедей ири шаарды да мындай курчап турган аймагынан ажыратып кароого болбойт. Болжол менен 17 миң чарчы километр аянтты ээлеген бул жерде азыр 1,2 миллиондон ашуун, алардын ичинде 700 миңден ашуун шаар калкы топтолгон.

Өрөөндүн дээрлик геометриялык борборунда жайгашкан Фрунзе шаарынан башка бул өрөөндө эки шаар (Токмок, Кара-Балта) жана агломерациянын уюткусу менен экономикалык, эмгектик, маданий, турмуш-тиричилик байланыштардын системасы менен бириктирилген шаар тибиндеги тогуз поселок жана эки жүздөн ашуун селолук калктуу пункттар орун алган. Калктын 1 чарчы километр жердеги орточо жыштыгы 100дөн ашуун адамды түзөт, бул республиканын чегиндеги эң жогорку көрсөткүчтөрдүн бири болуп саналат.

Чүй өрөөнү Кыргыз ССРинин эң өнүккөн бөлүгү. Ал республиканын аянтынын 8% гана ээлеп турса да, анда калктын дээр-

---

[1] Ак-Буура суусунда Папан суу түйүнүнүн курулуп бүткөнү жана ага байланыштуу айыл чарба продуктыларын өнүктүрүүнүн кеңейиши менен (шаардын чет жака жерлеринен 5 миң га дың жер өздөштүрүлөт, 14 миң га жер кошумча суу алат) жаңы өнөр жай курулушун жүргүзүү зарыл болот.

лик 35%, өнөр жай өндүрүш персоналынын жана өнөр жайынын дүң продукциясынын 60% ашыгы топтолгон, ал товардык сүттүн, дыйканчылык продуктыларынын, жумуртканын 40% жакынын, жаңы мөмө-жемиштин, жүзүмдүн 60% ашыгын берет, айыл чарбасына жарактуу бардык жерлердин 20,5% топтоп турат. Өрөөндөгү анын салыштырма салмагы Кыргызстан боюнча орточо көрсөткүчтөн 1,5 эсе, айдоо жерлериники 3 эсе жогорулук кылат.

Өрөөндүн республиканын экономикалык уюткусуна айланышына табигый-тарыхый жана транспорттук-экономикалык шарттар: айдоого жарактуу кеңири талаалары, жеринин асылдуулугу, жылуу климаты, транспорт байланыштарынын ыңгайлуулугу, Орто Азиянын экономикалык борборлоруна салыштырмалуу жакындыгы көмөктөшүп келген. Өрөөндө мындай да бир кызык жагдай бар: өрөөн минералдык жана отун-энергетика ресурстарына жарды. Ошондуктан анын индустрияланышы иш жүзүндө толугу менен айыл чарба сырьесуна жана ыңгайлуу транспорт байланышына таянган. Дал мына ушул фактор өрөөндө жашоочулардын (адегенде айылдык, андан соң шаардык) санынын тез өсүшүнө көмөктөшкөн. Мисалы, өрөөндөгү калктын саны 1939-жылдан 1959-жылга чейин 327,9 миң адамга өскөн, бул бүткүл республика боюнча өсүштүн (608,0 миң адамдын) 54% түзгөн. Эгерде республикада айыл калкынын бул жылдарда жалпы өсүшү 182 миң болсо, алардын 152,2 миңи (же 80% ашыгы) Чүй өрөөнүнө туура келген. 1959-жылдан кийин шаар калкынын саны кескин өскөн, мунун натыйжасында шаар калкы 1959-жылы бардык калктын 43,6% түзсө, 1979-жылы — 58,8% түзгөн.

Кургакчыл климаты, айыл чарба өсүмдүктөрүн сугаруу муктаждыгы азыркы калктуу пункттардын конфигурациясын тарыхый жактан алдын ала аныктаган. Алар дээрлик үзгүлтүксүз үч тилке боюнча жайгашкан. Биринчиси тоо суусун сугат иштери үчүн алууга ыңгайлуу Кыргыз Ала-Тоосунун этегин бойлой өткөн жерлерде, экинчиси сугат суусун, чоң чыгым жумшоосуз алууга ыңгайлуу келген тоо суулары талаага чыга берип, жер астындагы сууларга жакын аккан өрөөндүн дээрлик борборундагы тилкеде, үчүнчүсү — өрөөндүн түндүк тарабындагы Чүй суусунун жайылмасында жайгашкан, кийин бул тилкелердин ар бириндеги калктуу пункттар таш жолдор менен, ал эми борбордук тилкеси темир жолдор менен да туташтырылган. Өрөөндүн чыгыш тарабында бул үч тилке тең дээрлик жакындашып, Боом камчыгайына кире бериште бүтөт.

Фрунзе шаары өрөөндүн дээрлик борборунда жайгашкан. Анын аймагы калк жайгашкан эки тилкени — борбордук жана тоо этегиндеги калктуу пункттарды бириктирсе, ал эми Чүй суусунун жайылмасы жактагы чакан селолордун (Мыкан, Кайырма, Ленинское) тизмегин Фрунзе-Чүй жолу байланыштырып турат.



Өрөөндөгү калктуу пункттардын чарбалык байланыш тармагынын негизин Луговая—Фрунзе—Рыбачье темир жолу жана шоссе жолу түзөт. Бул жолдор менен борбордук тилкедеги гана эмес, калган эки тилкедеги калктуу пункттардын да экономикалык байланыштары жүзөгө ашырылат, анткени Кыргыз Ала-Тоосун, Чүй суусунун жайылмасын бойлото да борбордогудай жогорку класстагы жол жок.

Транспорттун ылдам жүрүшүнө шарт түзгөн бул магистралдар Борбордук тилкеде шаар калкынын, өнөр жайдын (бул жерде өрөөндөгү бардык өнөр жай ишканаларынын 97% топтолгон) топтолуп жайгашуусуна көмөк берүү менен бирге шаардын мындан ары өнүгүшүн татаалданткан, бул зонада (тилкеде) жашаган жүз миңдеген адамдардын жашоо шарттарын начарлаткан бир катар проблемалардын чыгышына себеп болгон. Фрунзеден батышты карай Чалдыбарга чейин жана чыгыш жагы Быстровкага чейин калктуу пункттар дээрлик үзгүлтүксүз 180 км ге созулуп жатат. Бул аймакта борбордо тургандар менен бирге миллионго жакын адам жашайт. Калктын мына ушул массасын тейлөө эле транспорттун ишин өтө татаалдатат, анын үстүнө тоо этегинде жана Чүй суусунун жайылмасында жашоочулар да тышкы катнаштарында ушул эле жолду пайдаланышат. Мына ушундан улам автомобиль магистралындагы кыймылдын жыштыгы чоң шаарлардын көчөлөрүндөгүдөн кем калбастыгы албетте, табигый көрүнүш.

Автомагистралдагы кыймылдын көптүгү анын мүмкүнчүлүгүнөн алда канча көптүк кылып жатат. Бул автотранспорттун да, жүргүнчүлөрдүн негизги тобу келип-кетүүчү Фрунзе шаарындагы ишканалардын да ыргактуу иштөөсүнө таасир этет.

Бул проблеманы чечүүнүн төмөнкүдөй варианттары бар:

— транспорттун ылдам жүрүүчү түрлөрүн түзүү;

— жүргүнчүлөрдү экспресс түрүндө (жолдун башынан аягына чейин токтоосуз жүрүүчү) ташуучу автобустардын жүрүшүн уюштуруу.

— калк жашаган тилкенин чегинен тышкары жарыш кетүүчү магистралдарды куруу.

Бул варианттардын ар биринин өзүнүн артыкчылыктары жана кемчиликтери бар. Булардын бирөөнү тандап алуу проблеманын башка чечилиш жолу жок дегендик эмес. Алсак, азыркы Луговая—Фрунзе—Рыбачье темир жолунда ылдам жүрүүчү поезддердин кыймылын уюштуруу шаарга жүргүнчүлөрдү, жүктү жеткирүү жана андан алып чыгуу проблемасын чечмек. Бирок

шаарга келген жүргүнчүлөр агымынын күчөшү шаар ичиндеги транспорттун иштөөсүн кыйындатып коёт, анткени жүргүнчүлөрдүн бул агымы шаар четиндеги бир аз пункттарга гана багытталат.

Экспресс автобус катташууларын уюштуруу жүргүнчүлөрдү ташуу проблемасын чечүү менен курчап турган чөйрөнү коргоо проблемасын чечпейт, кайра аны күчөтөт, андыктан жогорку проблеманын биротоло чечилишине чейин пайдаланылчу убактылуу чара гана катарында бааланышы мүмкүн. Экспресстик катташуу автобустардын ылдамдыгын кыйла тездетет, ушундан улам жүргүнчүлөрдүн жолдо жүрүү убактысын кыскартып, транспорттук кыйналууларды мүмкүн болушунча азайтат.

Калыбы, транспорт проблемасын чечүү менен бир убакта Фрунзе өнөр жай комплексин жана Фрунзе агломерациясынын ичиндеги кооперациялык өнөр жай байланыштарын түзүү проблемасын чечүү зарылдыгы келип чыгышы ыктымал.

Республиканын шаарлары жөнүндөгү илимий адабияттарда Фрунзе шаарынын кызыкчылыктары менен анын ресурстарынын ортосунда «Фрунзенин мындан ары өсүшүн жөнгө салуу зарылдыгын пайда кылган» карама каршылыктардын бар экендиги жөнүндө пикирлер учурайт.

Биз бул көз караштын шаардын өсүшүн жөнгө салуу[1] (чектөө эмес, жөнгө салуунун өзүн) зарылдыгы жөнүндө айткандарын кубаттап, бирок анын өнөр жайлык базасы сырье базасынан озуп кетет деген далилдерине макул боло албайбыз. Фрунзедей шаар үчүн сырьенун ролу өзүнүн бирден-бир өзгөчө маанилүүлүгүн жокко чыгарып коет, анткени анын илимий өндүрүштүк потенциалы, андагы кубаттуу квалификациялуу кадрлардын топтолушу биринчи планга чыгат жана ушуга байланыштуу анын өсүшүнүн жөнгө салынышы, шаардын эмгек ресурстарынын тажрыйбасына жана таалимине, ишканалары менен лабораторияларынын кубаттарына таянган илимий жетишкендиктерди көп талап кылуучу жана анын ресурстар потенциалын мүмкүн болушунча натыйжалуу пайдалануучу тармактары басымдуулук кылган тармактык өнөр жай структурасынын калыптанышына карай багытталышы керек.

Биздин оюбузча республиканын айрым райондорунун деңгээлин теңдөө проблемаларын чечүүгө байланыштуу да шаардын мындан ары өнүгүшүн жөнгө салуу зарылчылыгы келип

[1] Фрунзе сыяктуу шаардын өнүгүшүн токтотуу прогресс кыймылын токтотуп коюуга тете. Ал эми өнүгүүнүн белгилүү этабында эл чарба милдеттеринин талабына ылайык бул өнүгүүнүн багытын гана өзгөртүүгө мүмкүн жана ал түгүл зарыл да болот.



чыгат. Республиканын калган аймагы өнүгүшү тигил же бул даражада жылышсыз бир орунда калып, чарбалык иш-аракеттин традициялуу формасынын, чарбанын тармактык структурасынын консервацияланышын башынан өткөрүп жатканда республиканын бардык шаардык калкынын 2/3 бөлүгү жана бардык өнөр жай өндүрүштүк персоналынын жарымы бир гана шаардын аймагында турушун (анын жүйөлүү себептери болсо да) нормалдуу көрүнүш деп эсептөөгө болбойт. Баарынан мурда өсүш деңгээли республикалык орто көрсөткүчтөн төмөн калып жаткан Ички Тянь-Шань жана Көл кылаасындагы райондорго көңүл буруу керек. Биздин оюбузча мындай теңештирүү өнөр жайын өнүктүрүү темптерин тездетүү багытында жүргүзүлбөөсү тийиш. Анткени бул чыгымдарды жумшоо көз карашынан да, ал райондордо курчап турган чөйрөнү дыкаттык менен коргоо көз карашынан алганда да азырынча кымбатка турат. Тоо этектериндеги райондордун абалы көп жагынан тоолуу райондордун айлана-чөйрөсүнүн абалына көз каранды болгондуктан айлана-чөйрөнү коргоо өзгөчө мааниге ээ. Тоолуу райондордо өнүгүүнүн жогорку деңгээлине рекреациялык жана айыл чарба ресурстарын рационалдуу пайдалануу эсебинен (биз бул жөнүндө Нарын шаарын өнүктүрүү перспективаларын талдап өткөнүбүздө айта кеткен элек) жана республиканын индустриялуу борборунда, баарынан мурда Фрунзе шаарында жайгашкан өндүрүштөр менен кооперациялык байланыштарды (тоолуу райондордо өндүрүш филиалдарын же комплектөөчү өндүрүштөрдү түзүү) өнүктүрүү эсебинен гана жетишүүгө мүмкүн.

Ошентип, Фрунзе шаарынын мындан ары өнүгүшү өнөр жай өндүрүшүн олуттуу структуралык кайра түзүүгө, эмгектин республика ичинде жана республикалар аралык бөлүштүрүлүшүнө катышуу мүнөзүн өзгөртүү зарылдыгына негизделиши тийиш. Структуралык кайра түзүү өз кезегинде өнөр жайынын өзүнүн өнүгүү тенденцияларын, айрым алганда мына буларды эске алуу менен жүзөгө ашырылышы керек:

— өндүрүштүн экономикалык натыйжалуулугун жогорулатуунун сөзсүз керектүү шарты катарында өндүрүштү адистештирүүнү жана райондор аралык өнөр жай кооперациясын тереңдетүүнү;

— техникалык процесстерди майдалап ажыратуу жана айрым көмөкчү стадияларды өз алдынча өндүрүшкө бөлүп чыгарууну;

— көп сандаган ишканаларды туруктуу жана узак убакыттуу кооперация мамилелеринин тармагы менен байланышкан бирдиктүү технологиялык комплекске бириктирүүнү;

— өлкөнүн ички айрым райондорундагы ички рыноктун гана

эмес, өлкөлөр тобунун рыногунун сыйымдуулугунан да ашып түшүүчү өндүрүш көлөмдөрүн максималдаштырууну;

— керектөөчүлөрдүн тез-тез өзгөрүп турган талаптарынын, продукциянын өзүнүн дайыма өркүндөтүлүп туруу зарылдыгынын шарттарында продукциянын жаңы түрүн чыгарууга өндүрүштүн дайыма даяр турушун жана ийкемдүүлүгүн.

Мындай шарттарда шаарда өнөр жайынын көп тармактуу өнүгүшү натыйжасыз болуп калат. Ошондуктан эмгекти райондор аралык бөлүштүрүүдө шаарга ылайык негизги тармактар тобун туура тандап алуунун мааниси бөтөнчө чоң. Биз келечекте Фрунзе шаарынын өнөр жайы метиздерди, контролдоочу жана талдоочу приборлорду («Ала-Тоо» тиби сыяктуу), жүк ташуучу автомобилдерди, айыл чарба машиналарын жана аларга керектүү запастык бөлүктөрдү, фармацевтик дары-дармектерди региондун, өлкөнүн керектөөчүлөрүнө гана эмес, чет өлкөлөргө да жөнөтүп турууга жеткидей чыгарууга адистешүүсү тийиш деп эсептейбиз. Дүйнөлүк рынокко чыгуу гана продукцияны дүйнөлүк стандарттардын деңгээлинде өндүрүүгө мүмкүнчүлүк берет. Мындайча кайра куруу шаардын эл чарбасына берилүүчү капиталдык салымдардын структурасын кайрадан карап чыгууну жана өндүрүштүн бир бөлүгүн спутник-шаарларга (Токмокко, Кара-Балтага) жайгаштырууну, эмгек ресурстарын тармактар ортосунда жана ич ара кайрадан бөлүштүрүүнү, эски ишканаларды модернизациялоону жана жаңыларын реконструкциялоону талап кылат.

Биз бул кыскача баяндообузда Фрунзе шаарынын республиканын илимий жана маданий борбору, квалификациялуу кадрларды даярдоочу борбор катарындагы келечеги жөнүндө кеп козгогон жокпуз. Бирок биз биринчи кезекте тоолуу райондордун проблемалары менен байланыштуу илимий багыттарды өнүктүрүүгө көмөктөшүүчү адистештирүүлөрдү терендетүүсүз бул тармакта да ишти илгерилетүү кыйын деп эсептейбиз.

## КОРУТУНДУ

Ошентип шаарлардын келип чыгышынын жалпылыгына карабастан алардын ар бир тобу үчүн калктуулук проблемалары индивидуалдуу. Алардын индивидуалдуулугун эске алуу ошол проблемаларды чечүү жолдорун издөө процессинде бөтөнчө маанилүү, анткени ар бир шаардын өнүгүшүнүн өзүнчө мүмкүнчүлүктөрү бар.

Бул эмгегибиздин көлөмүнүн кичинелиги республиканын бардык шаардык турак жай жерлеринин өнүгүшүнүн проблемалары менен перспективаларын чагылдырууубузга мүмкүнчүлүк



берген жок. Мына ушул эле себеп менен карап чыккан шаарларыбыздын да бардык проблемаларына толук токтоло албадык. Биз алардын ичинен башкаруунун шаардык жана республикалык органдары тарабынан токтоосуз кийлигишүүнү талап кылган өтө татаалдарын гана тандап алдык.

Биздин бул эмгегибиз шаарлардын пайда болуш проблемалары боюнча жазылган теориялык жоболор ушу кезде туруктуу мүнөздө болуп калса да толук бойдон талашсыз жоболордон эмес деп ырастообузга мүмкүнчүлүк берет. Урбанизациянын өнүгүшүнүн жаңы шарттары алардын айрымдарын, бөтөнчө кичине жана ири шаарлар проблемаларын кайра кароону жана жаңыдан сын көз менен баамдап чыгууну талап кылат.

Проблемалардын татаалдыгы, көп түрдүүлүгү, конкреттүү шаарга карата алардын индивидуалдуу мүнөзү айрым адамдардын эмес, бүтүндөй чыгармачылык коллективдердин талыкпаган чоң эмгегин талап кылат. Бул проблемаларды ийне-жибине чейин иштеп чыгуу үчүн республиканын окумуштуулары менен практиктеринин күч-аракеттерин бириктирүү иши пайдалуу. Бул жерде Кыргыз ССР илимдер академиясынын экономика институтунун же Кыргыз ССР Мамлекеттик пландоо комитетинин экономика жана экономикалык-математикалык пландаштыруу методдорунун институтунун алдында университеттин айылдык жана шаардык калкты жайгаштыруу жагында иштеген адистерин тартуу менен жумушчу тобун түзүү жөнүндө сөз болуп жатат.

Мындай топ шаардык турак жерлердин өнүгүшүнүн стратегиясын белгилеп, республиканын 2000-жылга чейин экономикалык жана социалдык өнүгүшүнүн жалпы стратегиясын эске алуу менен аны жүзөгө ашыруу боюнча сунуштарды иштеп чыга алат эле.

## АДАБИЯТТАР


Б а р а н с к и й Н. Н. Методика преподавания экономической географии. М., Учпедгиз, 1960.

В а с и л ь е в В. А. Семиреченская область как колония и роль в ней Чуйской долины. Введение к проекту орошения долины р. Чу в Семиреченской области. Петроград, 1915.

В е н ю к о в М. И. Очерки Заилийского края и Причуйской страны. «Военный сборник», год XV, т. XXXV, СПб, 1972, с. 79—116.

Г у ж и н Г. С. Города Киргизии. Фрунзе. «Кыргызстан». 1967.

З а х о д е р Б. Н. Харасан и образование государства сельджуков. «Вопросы истории». 1945, № 5—6.

К а р т а в о в М. М. Фрунзенская область (Краткий экономико-географический очерк). Ф., 1956.

Кибиров А. К. О периодизации истории народов Киргизии в дореволюционную эпоху. Материалы научной сессии, посвященной истории Средней Азии и Казахстана в до октябрьский период. М., 1955.

Ковалев С. А. Географические изучения сельского расселения. МГУ, 1960.

Кожемяко П. Н. Раннесредневековые города и поселения Чуйской долины. Фрунзе. 1959.

Пивоваров Ю. Л. Современная урбанизация. Основны. тенденции расселения. М., «Статистика», 1976.

Проблемы промышленного развития малых городов Киргизии. Госплан Киргизской ССР. Фрунзе, «Киргизстан», 1972.

Ракитников А. Н. Некоторые особенности исторической географии земледелия и животноводства в Средней Азии. «Вопросы географии», сб. 50, 1960, с. 71—90.

Сибирский торгово-промышленный ежегодник на 1913 г. Томск, 1913.

Сидоров А. Ф. История зарождения Киргизской промышленности (1968—1917). К вопросу об экономическом значении присоединения Киргизии к России. Фрунзе, 1959, рукопись.

Терентьева И. Сведения о городе Пишпеке. Памятная книжка Семиречинского областного статистического комитета на 1898 год. Т. П. Верный, 1897.

Усубалиев Т. У. Фрунзе — столица советского Киргизстана. (Краткий исторический очерк). М., «Мысль», 1971.

Фомина Л. А. Формирование и развитие городских поселений Киргизской ССР. Фрунзе, «Кыргызстан», 1978.

Чормонов Б. Ш. Сидоров В. Ф. Промышленный прогресс в Киргизской ССР. Фрунзе, Киргосиздат, 1963.

## МАУЗМУНУ

Республиканын шаарларынын өткөндүгү тарыхынан . . . . . 3
Кыргызстанда чарбанын жана шаардык жайлардын калыптанышы . . 5
Республиканын шаар калкынын санынын кыймылы . . . . . 13
Кыргызстандын шаарларынын социалдык-экономикалык ролу . . . 19
Республиканын шаардык турак жерлерин өнүктүрүү проблемалары жана келечеги . . . . . . . . . 23
Кичине шаарларды өнүктүрүү проблемалары жана алардын келечеги . 24
Чоң жана ири шаарлардын өнүгүш проблемалары жана келечеги . . 35
Корутунду . . . . . . . . 44

Актанова А. Т., Гужин Г. С.

**ГОРОДА КИРГИЗИИ**

*(на киргизском языке)*

Издательство «Мектеп»

Которгон С. Молдосанов
Редактору Ж. Шейшеналиев
Сүрөт редактору Г. И. Васильев
Тех. редактору В. И. Комерова
Корректору Д. Ороскожоева

ИБ № 2037

Терүүгө 25.06. 81. берилди. Басууга 23.09. 81. кол коюлду. Д—02477. № 2 типография кагазы. Кагаздын форматы 60х84 1/16. Адабий ариби. Жөнөкөй ыкма менен басылды. 3,0 физ. басма табак. 2,79 шарттуу басма табак, 2,86 учеттук басма табак, 3,04 шарттуу боек түшүрүү. Нускасы 2000. Заказ № 1501. Баасы 10 т.

«Мектеп» басмасы
720361, ГСП, Фрунзе ш., Совет көчөсү, 170.

Чүй өндүрүштүк «Полиграфист» бирикмеси. Кыргыз ССР
басма, полиграфия жана китеп
соода иштери боюнча Мамлекеттик комитети.
720616, ГСП, Фрунзе шаары, Караганды көчөсү, 72.

**10 лв.**